# ХАРУН ЯХЬЯ ЧӨНТӨК КИТЕПТЕРИ СЕРИЯСЫ: 36

# ТҮБӨЛҮК ЖАШОО БАШТАЛДЫ

**ХАРУН ЯХЬЯ**

**Август, 2002**

# МАЗМУНУ


Кириш

Заттын (материянын) аркасындагы сыр

Убакыттын жоктугу жана тагдыр

Түбөлүк жашоо башталды

Жыйынтык

# АВТОР ЖӨНҮНДӨ

Эмгектеринде Харун Яхья атын колдонгон автор (Аднан Октар) 1956-жылы Анкарада (Түркия) төрөлдү. Башталгыч, орто жана лицейди Анкарада бүтүрдү. Андан соң Стамбул Мимар Синан университетинин Көркөм өнөр факультетинде жана Стамбул университети Философия бөлүмүндө билим алды. 1980-жылдардан бери ыйман, илимий жана саясий темаларда көптөгөн эмгектер даярдады. Мындан тышкары, автордун эволюция теориясынын жактоочуларынын алдамчылык ыкмаларын, алардын жактаган нерселеринин (эволюция теориясынын) туура эместигин жана Дарвинизмдин кандуу идеологиялар менен болгон караңгы (жашыруун) байланыштарын ортого койгон абдан маанилүү эмгектери бар.

Автордун эмгектеринде колдонгон аты чындыктан баш тартуучу пикирлерге каршы күрөшкөн эки пайгамбардын урматына, алардын атын эскерүү үчүн Харун (Муса пайгамбардын жардамчысы) жана Яхья (Иса пайгамбардын жардамчысы) аттарынан куралган. Автор тарабынан китептеринин сыртында колдонулган Расулуллахтын мөөрүнүн колдонулушунун символикалык мааниси – китептердин мазмуну менен байланыштуу. Бул мөөр Куран-ы Керимдин Аллахтын акыркы китеби жана акыркы сөзү, Пайгамбарыбыз (С.А.В.)дын да хатем-ул анбия экендигин көрсөтөт. Автор жарыкка чыккан бардык эмгектеринде Куранды жана Расулуллахтын (С.А.В.) сүннөтүн өзүнө жол көрсөткүч кылууда. Ушундай жол менен баш тартуучу философия системаларынын бардык негизги жактаган нерселерин бир бирден жыгууну жана динге каршы багытталган каршы пикирлерди толугу менен оозун жабуучу «акыркы сөздү» айтууна максат кылууда. Абдан терең акыл (хикмат) ээси жана идеалдуу инсан Расулуллахтын (С.А.В.) мөөрү бул акыркы сөздү айтуу ниетинин бир дубасы катары колдонулуп келүүдө.

Автордун бардык эмгектериндеги орток, негизги максат – Куранга чакырууну бүт дүйнөгө жеткирүү, мындай жол менен адамдардын Аллахтын бар экендиги, жалгыздыгы жана акырет сыяктуу негизги ыйман темалары жөнүндө ой жүгүртүүлөрүнө түрткү болуу жана чындыктан (Аллахтан) баш тартуучу системалардын чирик фундаменттерин жана туура эмес иш-аракеттерин ачыкка чыгарып, адамзатка көрсөтүү.

Харун Яхьянын эмгектери Индиядан Америкага, Англиядан Индонезияга, Польшадан Босния-Герцоговинага, Испаниядан Бразилияга чейин дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндө жактырылуу менен окулууда. Англис, француз, немец, италия, испан, португалия, урду, арап, албания, орус, босния, уйгур, индонезия тилдери сыяктуу көптөгөн тилге которулган бул эмгектер Түркия сыртында да көптөгөн китеп окуучулар тарабынан окулуп келүүдө.

Дүйнөнүн бардык тараптарында окурмандардын көңүлүнөн орун алган бул эмгектер көптөгөн адамдардын ыйманга келишине, башкаларынын ыйманынын тереңдешине себепчи болууда. Китептерди окуп, анализдеген ар бир адам бул эмгектердин терең акыл, кыска-нуска, оңой түшүнүлө турган жана чын жүрөктөн чыккан сөздөр экендигин, акыл жана илимге таянгандыгын байкашууда. Бул эмгектер – ылдам таасир берүү, так натыйжа жаратуу, талашсыз жана толук илимий болуу өзгөчөлүктөрүнө ээ. Бул эмгектерди окуган жана булар жөнүндө терең ойлонгон адамдар материалисттик философия, атеизм жана ар кандай адашкан ой-пикир жана философиялардын чындыктан алыс экенин байкай алышат. Муну түшүнгөндөн кийин материализмди жактагандар ызалык, өжөрлүктөрү айынан гана жакташат,

себеби илимий тараптан материализм жокко чыгарылды. Заманыбызда бардык чындыктан баш тартуучу агымдар Харун Яхья эмгектеринен илимий, идеялык жактан толук жеңилген абалда.

Шек жок, мындай өзгөчөлүктөр – Курандын терең мазмундуулугу жана өзгөчө баяндоосунун натыйжасы. Автор бул эмгектери менен мактанууну максат кылбайт, жалаң гана Аллахтын адамдарды туура жолго салуусуна себепчи болуу ниетинде. Мындан тышкары, бул эмгектердин жарыкка чыгып, таралышында акча табуу максат кылынбайт.

Бул чындыктарды эске алсак, адамдардын байкабаган чындыктарды байкашын камсыз кылган, алардын туура жолду табышына жардамчы болгон бул эмгектерди окууга үндөөнүн абдан маанилүү бир кызмат экендиги жакшы түшүнүктүү болот.

Бул баалуу эмгектерди таанытуу ордуна, адамдардын башын айланткан, пикирлерде кайчылаштыктар, күмөндөр жараткан, ыйманды куткарууда күчтүү жана так бир таасири болбогон демейки, монотондуу китептерди жайылтуу эмгек жана убакыт жоготуусуна алып келет. Негизги максат ыйманды куткаруу эмес, автордун адабий күчүн көрсөтүү болгон эмгектердин күчтүү таасирдүүлүккө жетиши кыйын. Бул бойунча шектенүү жаралгандар бар болсо, Харун Яхьянын эмгектеринин максатынын динсиздик менен күрөшүү жана Куран ахлагын жайуу гана экендигин бул кызматтын таасири, ийгиликтери жана окурмандардын ыраазы болгонунан байкашса болот.

Дүйнөдөгү зулум жана баш аламандыктар, Мусулмандар көрүп жаткан азаптардын негизги себебинин динсиздик пикирлеринин дүйнөдөгү өкүмчүлүгүнүн натыйжасы экендигин билүү зарыл. Бул абалдан кутулуу үчүн динсиздикти илим менен жеңүү, ыйман акыйкаттарын, чындыктарын ортого койуу жана Куран ахлагын адамдар түшүнө ала турган деңгээлде түшүндүрүү зарыл. Зулумдук, согуштар күчөгөн азыркы күндө бул кызматтын колдон келишинче ылдам болушу айдан ачык. Болбосо кеч калуу мүмкүн.

Бул маанилүү кызматта алдыңкы ролду аркалаган Харун Яхья эмгектери, Аллахтын буйругу менен, XXI кылымда дүйнө инсандарын Куранда сүрөттөлгөн бейпилдик жана тынчтыкка, чынчылдык жана адилеттүүлүккө, сулуулук жана бактылуулукка жеткирүүгө бир себепчи болмокчу.

# ОКУРМАНГА

Автордун эмгектеринде эволюция теориясынын кыйрашына атайын орун беришинин себеби – бул теориянын ар түрдүү динге каршы бир философиянын негизин түзүгөндүгүндө. Жаратылуу жана натыйжада Аллахтын бар экендигинен баш тарткан дарвинизм 140 жылдан бери көптөгөн адамдардын ыйманын жоготушуна же жүрөктөрүндө күмөн жаралышына себеп болуп келди. Ошондуктан, бул теориянын бир калп экендигин ачык далилдөө - абдан маанилүү ыймандык милдет. Бул маанилүү кызматтын бардык адамдарга жеткирилиши зарыл.

Дагы бир белгилей кетчү жагдай – бул китептердин мазмуну менен байланыштуу. Автордун бардык китептеринде ыйман темалары Куран аяттары негизинде түшүндүрүлүүдө, адамдар Аллахтын аяттарын үйрөнүүгө жана жашоого чакырылууда. Аллахтын аяттары менен байланыштуу бардык темалар окурмандын акылында эч кандай күмөн же суроо белгиси жаралбай турган негизде түшүндүрүлүүдө.

Түшүндүрүүдө колдонулган чынчыл, жөнөкөй баян китептердин жаш-кары дебей бүт адамдардын оңой түшүнүшүнө шарт түзүүдө. Таасирдүү жана жөнөкөй баян колдонулган китептер - «бир токтобой окулчу» китеп өзгөчөлүгүнө ээ. Динден баш тартуу боюнча өжөрлүк көрсөткөн адамдар да бул китептерде түшүндүрүлгөн чындыктардан таасирленүүдө жана түшүндүрүлгөндөрдү калпка чыгара албай келет.

Бул китеп жана автордун башка эмгектерин окурмандар жалгыз окуса да, маектешүү чөйрөсүндө окушса да болот. Бул китептенден пайдаланууну каалагандардын чогуу маек курушу, тажрыйба жана пикирлерин ортого койушу пайдалуу болот.

Ошондой эле, жалаң гана Аллахтын ыраазычылыгы үчүн жазылган бул китептердин таанылышы жана окулушуна себепчи болуу да чоң кызмат болмокчу. Себеби автордун бардык китептеринде далил жана ишендирүү тарабы абдан күчтүү. Ушул себептен динди түшүндүрүүнү каалагандар үчүн эң эффективдүү ыкма – бул китептерди окууга башка адамдарды да үндөө болмокчу.

Бул эмгектерде башка кээ бир эмгектерде байкалчу жазуучунун жекече ойлору, шектүү булактарга таянган сөздөрү, ыйык нерселерге болгон керектүү адап жана урматка көңүл бурбаган баяндар, үмүтсүз, күмөн жаратуучу түшүндүрүүлөрдү жолуктурбайсыз.

# КИРИШ

«Түбөлүктүүлүк» сөзүн сиз кандай түшүнөсүз?

Чексиз убакыт дегенде көбүнчө адамдардын ойуна жүз миң жыл, бир миллион жыл же бир миллиард жыл сыяктуу сандар келет. Бул убакыттар аябай узак, такыр бүтпөчүдөй сезилет. Чексиз алыстык дегенде да көбүнчө миллиондогон жарык жылдар эске келет.

Чындыгында, булар аябай чектүү ойлор жана түшүнүктөр. Мындай бир мисал менен чексиздиктин маанисин көрсөтүүгө болот: жүз катриллион адам болсо, алар жүз катриллион жыл өмүр сүрүшсө жана бүт жашоосу боюнча башка эч бир жумуш кылышпастан тынбай санашса чексиздикке жете алышпайт.

Ал эми Аллах ушунчалык чексиз илимге ээ болгондуктан, адам үчүн «чексиз» болгон жана санап бүтүүгө мүмкүнчүлүк болбогон бул түшүнүк Аллах кабатында аягына чыккан. Биз үчүн чексиздик эч кол жеткис сезилет, бирок Аллах кабатында чексиздик жалгыз бир учур гана...

Колуңуздагы бул китепте чексиздик, убакытсыздык (убакыттын жоктугу), мейкинсиздик темалары боюнча эч жерден таба албаган маалыматтарга ээ болосуз жана түбөлүк жашоонун башталгандыгы жөнүндө таасирдүү мисалдарды көрөсүз. Натыйжада Аллахтын улуулугу жана жаратуу чеберчилигин түшүнүп, таң калуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болосуз. Адамдарды ар дайым кызыктырган: Аллах каерде, өлүм деген эмне, өлгөндөн кийин кайра тирилүү, түбөлүк жашоо жана булардын ишке ашуу убактысы сыяктуу суроолорго жооп аласыз.

Бирок, бул темаларга өтүүдөн мурда темалар оңой түшүнүлүшү үчүн жашап жаткан дүйнөбүздөгү «заттын чыныгы жүзү» жана «убакытсыздык» темалары терең каралат.

# ЗАТТЫН АРКАСЫНДАГЫ СЫР

## ЭСКЕРТҮҮ

**Бул китеп жашооңуздун ЭҢ МААНИЛҮҮ сырларын өзүнө камтыйт. Заттык дүйнө (көзгө көрүнгөн буюмдар, тоо-таштар, сыяктуу бардык нерселер заттар же материялар деп аталат), убакыт жана чексиздикке болгон көз-карашыңызды түп-тамырынан өзгөртө турган бул темаларды терең маани берип, жакшылап түшүнүп окушуңузду сунуш кылабыз. Бул жерде түшүндүрүлгөндөр бир көз-караш, гипотеза же философиялык ойлор эмес; динге ишенген, ишенбеген бардык адамдар тарабынан кабыл алынган, бүгүнкү күндө илим тарабынан далилденген чындыктар болуп саналат.**

Бул китептин негизги темасы болгон «заттын чыныгы негизи» (заттын негизи) түшүнүгүн түшүнүү адамдын жашоого көз-карашын жана жашоосун өзгөртө турган бир чындык. Жашооңуздун максаты, келечек максаттарыңыз, идеалдарыңыз, каалоолоруңуз, маанилүү деп эсептеген нерселериңиз, ээ болгон байлыгыңыз менен түздөн-түз байланыштуу.

«Заттын негизи» темасы жаңы тема эмес. Адамзат тарыхы боюнча көптөгөн ойчулдар жана илимпоздор ойлонуп келген бир тема. Адамдар бул темада илгертен эки топко бөлүнүп келишкен. Материалисттер деп аталган бир топ адамдар затты абсолюттук, бар болгон бир нерсе катары карашып, ойлорун ушуга негиздөө менен жаңылып жашап келишкен. Экинчи топтогулар болсо чын жүрөктөн терең ойлонуудан коркпостон, алдын көздөй ой жүгүртүшүп «заттардын» чыныгы жүзүн, негизин түшүнүп жашашкан. Бирок, акыркы кылымда өнүккөн илим жана технология бул темадагы талаштарды токтотту жана мурдатан белгилүү болуп келген чындыкты, б.а., заттын абсолюттук мааниде жок экендигин далилдеди.

Бул тема адамдын жашоосуна бүтүндөй таасир бергендиктен, абдан маанилүү. Себеби, ар бир адамдын бул жашоодо чектүү жашоо мөөнөтү бар жана Аллах адамды бул мөөнөт ичинде сынап жатат. Бул мөөнөттүн аягында болсо, адам сөзсүз бул дүйнөдө тандаган жолу, ахлагы жана жүрүм-турумуна жараша натыйжасын алат, топтогондоруна жараша түбөлүк жашоосу аныкталат. Тагыраак айтканда, адам бул дүйнөдө кандай жашоону тандаса, түбөлүк жашоосунда ошого жараша натыйжасын алат, каталарын оңдоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болбойт.

Бул тарабынан караганда, адамдардын бул дүйнөдөгү жашоо мөөнөтүнүн канчалык маанилүү экендиги байкалат. Колуңуздагы китептин маанилүүлүгү дал ушуну менен байланыштуу. Адамдын кыска сынак мөөнөтү бар жана анын натыйжасын түбөлүк жашоосунда сөзсүз алат. Демек, бул мөөнөттү эң акылдуу негизде пайдалануусу зарыл. Жана эгер мындай кылбаса акыреттеги бушаймандык эч жардам бербейт.

Бул максатта китептин максаты – инсанга Куран аятында айтылгандай **«жападан жалгыз» (Энъам Сүрөсү, 94)** Жаратуучусунун алдына бара турган «ал күнү» артка кайтпай турган бир бушаймандыкка туш болуусунан мурун жардамчы болуу.

Максатка жетүү үчүн алгач «заттын негизи» темасы илимий тараптан каралат. Башында да айтылгандай, бул жерде түшүндүрүлгөндөр эч кандай философиялык көз-караш же ой жүгүртүү эмес,

илим тарабынан далилденген чындыктар. Бул тема татаал, түшүнүксүз жана оор эмес. Ошондуктан, ойлонуудан тартынбаган жана чындыктарды ак жүрөк менен кабыл алган адам чындыкка оңой жете алат.

Азыр окуп баштай турган бул тема бүгүнкү күнгө чейин ойлонуп жообун таба албаган же толугу менен түшүнө албаган көптөгөн суроолоруңузга жооп берет. Натыйжада бейиш, тозок, акырет сыяктуу сөздөрдү терең түшүнүп, жашоонун максатын билип жашайсыз.

## Кылымдар бойу талаш жараткан суроо:

### Заттын чыныгы негизи эмне?

Акыл жана выжданга (ак көңүлгө) ээ болгон киши ичинде жашаган чөйрөсүнө, галактикаларга, планеталарга, алар ээ болгон тең салмактуулукка, атомдун структурасындагы тең салмактуулукка, аааламдын ар бир бөлүгүндө байкалган тең салмактуулуктар, айланасындагы сансыз жандуу түрүнө, алардын жашоосуна, таң калаарлык өзгөчөлүктөрүнө, жана өзүнүн денесине байкоо жүргүзгөндө, бир Улуу күчтүн бар экендигин заматта байкайт. Айланасындагы мындай кемчиликсиз чөйрөнүн жана тактыктардын өзүнөн-өзү пайда болбостугун, алардын сөзсүз бир Жаратуучусу бар экендигин оңой эле түшүнөт.

### Булардын баары Ким тарабынан жаратылды?

Ааламдын ар бир бөлүгүндө байкалган «жаратылгандык» ааламдын өзүн-өзү жаратпагандыгын ачык көрсөтөт. Мисалы, бир татынакай чымчык жогорку чеберчиликти көрсөткөн өң-түс жана кооз көрүнүшүн өзү жаратпайт. Ааламдагы миллиметрдик тактыктагы тең салмактуулуктар өздөрүн өздөрү жаратып, тең салмактуулукка койуусу мүмкүн эмес. Өсүмдүктөр, адамдар, бактериялар, көпөлөктөр өздөрүн өздөрү жаратышкан эмес. Булардын баарынын «кокустуктан» жаралып калуу ыктымалдуулугу акылга, илимге жана логикага сыйбайт.

Демек, көзүбүзгө көрүнгөн нерселердин баарынын Жаратуучу тарабынан жаратылгандыгы ачык-айкын... Жана алардын эч кимиси «Жаратуучу» боло алышпайт. Анда, Жаратуучу - көзүбүзгө көрүнгөн бардык нерселерден башка, жогору бир зат. Ал Жаратуучу көрүнбөйт, бирок жараткан бардык нерселери Анын бар экендигин жана сыпаттарын көрсөтөт.

Аллахтын бар экендигин түшүнбөгөндөр ушул жерде жаңылышат. Алар Аллахты көздөрү менен көрмөйүнчө Ага ишенбөөгө өздөрүнө шарт койуп алышкан. Себеби, алардын ойу бойунча бардык Ааламды курчаган, чексизге чейин уланган бир материялар, заттар бар жана Аллах бул топтошкон заттардын эч бир жеринде эмес. Миңдеген жарык жылы алыстарга барышса да, Аллахка жолугушпайт. Ошол себептен Аллахтын бар экендигин кабыл алышпайт. Натыйжада ааламдын ар бир бөлүгүндө көрүнгөн «жаратылгандык» өзгөчөлүгүн жашыруу, ааламдын жана жандуулардын жаратылбагандыгын куру сөз менен далилдөөгө мажбур болушат, бирок муну эч качан далилдей алышпайт. Себеби, ааламдын ар бир бөлүгү, чекити Аллахтын бар экендигинин далилдерине толгон.

Аллахтан баш тарткандардын бул негизги жаңылыштыгына Аллахтын бар экендигин кабыл алган, бирок туура эмес Аллах ишенимине ээ болгондор да кабылышат. Коомдун маанилүү бөлүгүн түзгөн бул

адамдар айланада бардык жерде көрүнгөн «жаратылгандык» мисалдарынан баш тартышпайт, бирок Аллахтын «каерде» экендигине байланыштуу ар кандай батыл- (Аллахтан далил жок болуп туруп, адамдардын ой, күмөндөрүнөн чыгарган нерселер) негизсиз ишенимдери бар: алардын көпчүлүгү Аллахты «асманда» деп элестетишет. Ойлорундагы туура эмес көз-карашы бойунча, Аллах алыстардагы бир планетанын артында отурат жана кээ-кээде гана «дүйнө иштерине» кийлигишет. Же эч кийлигишпейт; ааламды бир жолу жаратып, аны таштап койгон, адамдар өздөрүнүн тагдырын өздөрү жасашат, аныкташат…

Кээ бирөөлөр болсо Куранда билдирилгендей Аллахтын «бардык жерде» экендигин угушкан, бирок мунун маанисин толук түшүнүшпөйт. Алардын көңүлдөрүндөгү туура эмес пикирлеринде, Аллахты радио толкундар сыяктуу же көрүнбөгөн, сезилбеген бир газ сыяктуу заттар менен курчалган сыяктуу элестетишет.

Чындыгында болсо, Аллахтын «каерде» болгондугуна байланыштуу бул пикир да буга чейинки саналган бардык пикирлер да орток бир жаңылыштыкка таянат: бул адамдар эч кандай далили жок бир «ишенимди» кабыл алышууда, натыйжада Аллах менен байланыштуу ар кандай күмөндөргө туш болушууда. Балким мунун натыйжасында Аллахтын бар экендигин кабыл албай келишүүдө.

### Бул кандай «ишеним»?..

Бул «ишеним» - заттын бар экендиги жана негизи менен байланыштуу. Адамдар заттын бар экендигине ушунчалык бекем ишенишүүдө жана натыйжада чындап эле зат барбы же болбосо, заттар жөн гана көлөкө нерселерби (элестерби) деп эч качан ойлонгон эмес. Илимдин акыркы жетишкендиктери бул «ишенимди» жыгып, абдан маанилүү жана таасирдүү бир чындыкты ортого койду. Куранда да ишарат кылынган бул чындыкты терең карайлы.

## Сезимдерибиз (сезүү органдарыбыз) тааныткан бир ааламда жашап жатабыз

*Илим аркылуу окуяларды түшүнүп, эсептей аласыз, бирок ааламды түшүнө албайсыз. Мына дарак, катуулугун сезип жатасыз; мына суу, даамын сезип жатасыз; мына шамал, сизди салкындатып жатат. Ушунчага ыраазы болууга мажбурсуз. Альберт Камус*

Жашап жаткан дүйнөбүз менен байланыштуу бардык маалыматтар бизге беш сезүү органыбыз аркылуу келүүдө. Башкача айтканда, биз көзүбүз көргөн, колубуз сезген (тийүү), мурдубуз сезген жыт, тилибиз сезген даам, кулагыбыз уккан бир дүйнөнү тааныйбыз. Туулгандан бери бул сезүү органдарыбызга көз-каранды болгондуктан, «тышкы дүйнөнүн» сезимдерибиз бизге тааныткандан башкача болуу ыктымалдыгын эч ойлонгон эмеспиз.

Чындыгында болсо, бүгүнкү күндө көптөгөн илим тармактарындагы изилдөөлөр башка бир чындыкты табуу менен сезимдерибиз жана биз сезген дүйнөгө байланыштуу маанилүү шектердин жаралышына алып келди.

Бул чындык бойунча, биздин «тышкы дүйнө» катары сезгендерибиз, кабыл алганыбыздын баары - жалаң гана сезүү органдарыбыз тарабынан жөнөтүлгөн электрдик сигналдардын мээбизге жасаган таасирлери. Көрүү органыңыз менен сезген түркүн түстөр, сезүү органыңыз менен сезген катуулук же

жумшактык сезими, тилиңиз менен сезген даамдар, кулагыңыз менен уккан ар кандай музыкалар, үндөр, ар кандай жыттар, жумушуңуз, үйүңүз, ээ болгон бардык байлыгыңыз, бул китептин саптары, ошондой эле, апаңыз, атаңыз, үй-бүлөңүз жана жашооңуз бойунча көргөн, билген, тааныган, көнүп калган бүт дүйнө сезүү органдарыңыз тарабынан жөнөтүлгөн электрдик сигналдардан гана турат. Башында түшүнүүгө оор сыяктуу сезилген менен бул илимий бир чындык болуп саналат. Бул маанилүү илимий чындык жөнүндө Б. Руссел жана Л. Виттгенштейн сыяктуу атактуу философтордун ойлору төмөнкүдөй:

*... мисалы, бир лимондун чындап эле бар болуп болбогондугун жана кандай процесс натыйжасында пайда болгондугун суроого жана изилдөөгө болбойт. Лимон жөн гана тил менен сезген даам, мурун менен сезген жыт, көз менен көрүнгөн түс жана көлөмдөн турат жана жалаң гана ушул сыпаттары илимий бир изилдөөнүн темасы боло алат. Илим заттар дүйнөсүн эч качан биле албайт.*

Фредерик Вестер бул темада илимдин жеткен акыркы чегин мындай баяндайт:

*Кээ бир ойчулдардын «адам бир элес, чындыгында бардык жашалып жаткандар өткүн жана алдамчы, бул аалам бир көлөкө» деген сыяктуу сөздөрү бүгүнкү күндө илим тарабынан далилденген сыяктуу.*

Атактуу философ Джордж Беркелейдин бул таң калыштуу чындыкка түшүндүрмөсү төмөнкүдөй:

*Аларды көргөн, аларга тийген жана сезимдерибиз бизге билдирген үчүн затттардын бар экенине ишенебиз. Чындыгында, сезимдерибиз жалаң гана мээбизде бар болгон элестер. Анда, сезимдерибиз аркылуу сезип көргөн заттар – элестерден башка нерсе эмес, жана бул элестердин мээбизден башка жерде сөзсүз бар болушу зарыл эмес... Бардык нерселер мээде гана болгон нерселер болсо, анда ааламды жана заттарды мээнин сыртында бар деп ойлогонубузда, жаңылган болобуз... Андай болсо, бизди курчаган нерселер, заттардын эч бири мээбиздин сыртында бар эмес.*

Теманы толук түшүнүү үчүн алгач тышкы дүйнө жөнүндө бизге маалымат берген сезүү органдарыбыз жөнүндө сөз кылалы.

## Сезүү органдарыбыз кандай иштейт?

Көрүү процессинин кандайча болгондугу жөнүндө көп адамдар терең ойлонушпайт. Адамдарга «кантип көрөбүз?» деп сурасак, алар «албетте көзүбүз менен» деп жооп беришет. Бирок, көрүү процессинин илимий түшүндүрмөсүн караганыбызда, абал мындай эмес экендигин көрөбүз. Көрүү процесси абдан көп баскычтардан турат. Көрүү учурунда белгилүү бир заттан келген жарык бөлүкчөлөрү (фотондор) көздүн алдыңкы тарабындагы линза ичинен сынуу менен өтөт жана көздүн арка тарабындагы торчого тескери болуп түшөт. Бул жердеги клеткалар тарабынан электрдик сигналга айландырылган көрүү сигналдары нервдер аркылуу мээнин арт тарабындагы көрүү борбору аталган кичинекей бир жерге жетет. Көрүү процесси чындыгында мээнин арт тарабындагы бул кичинекей жарык эч кире албаган капкараңгы бир чекитте ишке ашат.

Негизинен бардык эле адамдар билген бул илимий чындыкты тереңирээк ойлонуп көрөлү. Биз «көрүп жатам» дегенибизде, чындыгында көзүбүзгө келген сигналдардын (фотондордун таасиринин) электрдик сигналга айланып, мээбизде жараткан «таасирин» көрөбүз. Башкача айтканда, «көрүп жатам» дегенибизде, чындыгында мээбиздеги электрдик сигналдарды көрөбүз. Демек, көрүү көзүбүздө жыйынтыкталуучу бир процесс эмес, көзүбүз - көрүү процессине ортомчу болгон бир сезүү органыбыз гана.

Жашообуз бойунча көргөн бардык сүрөттөлүштөр мээбиздеги бир канча $см^3$ болгон, жаңгактай көлөмдөгү көрүү борборунда пайда болот. Окуп жаткан бул китеп да, компьютериңиз да, көзүңүзгө көрүнгөн сонун табияттар, чексиздей сезилген деңиздер да, бир жарышка катышып жаткан көптөгөн адамдар да ушул кичинекей бир жерге батууда. Бул жерде абдан маанилүү дагы бир чындык бар: башыбыз мээбиздин ичине жарык, нур киргизбейт. Б.а., мээнин ичи – капкараңгы, демек, жарыктын мээге жетүүсү мүмкүн эмес. Көрүү борбору деп аталган жер – эч кандай жарык жете албаган, балким жашообузда эч качан көрбөгөндөй караңгы. Бирок, сиз ушундай капкараңгы жерде жаркыраган, түркүн-түстүү бир дүйнөнү, ааламдарды көрөсүз. Түркүн түстүү табият, тоолор, мөмө-чөмөлөрдүн түстөрү, гүлдөрдүн дизайндары, күндүн жаркыраган нуру, көчө толо адамдар, жолдо сызып бараткан машиналар, магазиндеги түрдүү кийим-кечелер сыяктуу бардык нерсе ушул караңгы бир жерде жаралат. Өзгөчө бул караңгылыкта түстөрдүн кандайча жаралаары али аныктала элек. Клаус Будзински мындай дейт:

*«……инсан көзүнүн нур менен түстөрдү кабылдаган түйүн катмарынын муну көрүү нервдери аркылуу кандайча мээге жеткирээри жана мээде кандай физикалык-физиологиялык таасирлер жаратаары суроосуна бул илим чөйрөсүндөгү илимпоздорубуз жооп бере алышпайт.»*

Р.Л. Грегори биз жөнөкөй кабыл алган көрүү системасындагы бул таң калыштуу укмуш жөнүндө мындай дейт:

*Көрүү кубулушуна ушунчалык көнүп калгандыгыбыздан, жооп берүү зарыл болгон суроолор бар экенин байкоо да терең кыялдануу күчүн талап кылат. Бирок элестетип көрүңүз. Көздөрүбүзгө кичинекей, башаламан сүрөттөлүштөр берилүүдө жана биз чөйрөбүздө аларды толук кандуу буюмдар, заттар катары көрүп жатабыз. Торчолордогу сигналдардын натыйжасында заттар дүйнөсүн кабылдап жатабыз жана бул чындыгында бир укмуш, таң калыштуу нерсе.*

Бул абал башка сезүү органдарына да тиешелүү. Добуш, тийүү (кол менен ж.б.), даам сезүү жана жыт сезүү да мээде электрдик сигнал катары кабылданат.

Угуу кубулушу да дал ушундай: сырткы кулак чөйрөдөгү үн толкундарын кулак лакатору жардамы менен топтоп ортоңку кулакка берет. Ортоңку кулак кабыл алган үн толкундарын күчөтүп, ички кулакка берет. Ички кулак болсо, бул үн жыштыктарын электрдик сигналга айландырып, мээге жөнөтөт. Көрүү кубулушу сыяктуу угуу процесси да мээдеги угуу борборунда ишке ашат.

Көздөгү абал кулакка да тиешелүү. Б.а., адамдын башы ич тарапка жарыкты өткөрбөгөн сыяктуу үндү да өткөрбөйт. Буга карабастан, мээде эң таза үндөр кабылданат. Бул үндөр ушунчалык таза болгондуктан, ден соолугу жайында бир адамдын кулагы бардык нерселерди эч кандай кошумча ызы-чуусуз угат. Үн өткөрбөгөн, тымтырстык өкүм сүргөн мээңизде бир оркестрдин симфониясын угасыз, көчө толо адамдардын бардык үндөрүн угасыз, бир жалбырактын шуудураган үнүнөн учактардын дүңгүрөткөн үнүнө чейин кеңири аралыктагы бардык үндөрдү кабылдай аласыз. Бирок ошол учурда атайын бир аппарат менен мээңиздин ичиндеги үн өлчөнсө, ал жерде толук жымжырттык өкүм сүрүп жаткандыгы аныкталат.

Жыт сезүү органыбыздын иштеши да ушуга окшош: ванилин жыты, гүл жыты сыяктуу учуучу молекулалар мурундун эпителий деп аталган областындагы кыймылдуу түкчөлөрдө жайгашкан кабыл алгычтарга келет жана бул кабыл алгычтар менен реакцияга кирет. Бул реакция мээбизге электрдик сигнал катары берилет жана жыт катары кабылданат. Натыйжада биз сонун же жаман деп атаган бардык жыттар учуучу молекулалардын реакцияларынын электрдик сигналга айландырылгандан кийин мээдеги

кабыл алынуусунан башка нерсе эмес. Бир атырды, бир гүлдү, жакшы көргөн бир тамагыңызды, деңиздин жытын, көңүлүңүзгө жаккан же жакпаган ар кандай жытты мээңизде кабылдайсыз. Бирок, жыт молекулалары эч качан мээге жетпейт. Үн жана көрүнүштөрдө болгон сыяктуу жыт сезүүдө да мээбизге жеткен – жалаң гана электрдик сигналдар. Жыйынтыктасак, туулгандан бери сырттагы заттарга тиешелүү деп эсептеген жыттар – сезүү органдарыңыз аркылуу кабыл алган элекрдик сигналдар. Бул жөнүндө Беркелей: *«Алгач түстөр, жыттар ж.б. чындыгында бар деп кабыл алынды; бирок кийинчерээк мындай көз-караштардан баш тартылды жана булардын сезүү органдарыбыздын кабылдоосу натыйжасында гана бар экендиги аныкталды.»* деп айтат.

Ушул сыяктуу адамдын тилинин алдыңкы тарабында төрт ар кандай типтеги химиялык кабылдагычтар жайгашкан. Алар туздуу, таттуу, кычкыл жана ачуу даамдарга туура келет. Даам сезүүчүлөрүбүз бир канча процесстен кийин бул элестерди химиялык сигналдарга айландырышат жана мээге жөнөтүшөт. Жана бул химиялык сигналдар мээ тарабынан даам катары кабыл алынат. Бир шоколадды же жакшы көргөн бир мөмөнү жегениңизде сезген даамыңыз электрдик сигналдардын мээ тарабынан ошондой кабылданышы болуп саналат. Сырттагы затка болсо эч качан жете албайсыз; шоколаддын чыныгы абалын көрө албайсыз, жыттай албайсыз жана даамын сезе албайсыз. Мисалы, мээңизге келген даам сезүү нервдериңиз иштен чыкса, ошол учурда жеп жаткан бир нерсеңиздин даамынын мээңизге жетиши мүмкүн болбой калат жана натыйжада даам сезе албай каласыз.

Бул жерде дагы бир чындыкты байкайбыз: бир тамакты даамдаганыбызда башка бирөөнүн ал тамактан алган даамынын же бир үндү укканыбызда башка бирөөнүн уккан үнүнүн биздики менен бирдей экендигине так ишене албайбыз.

Бул жөнүндө Линкольн Барнетт мындай дейт:

*Эч ким өзүнүн кызыл деп кабыл алган өңүн же до нотасынын угулушун башка бир адамдыкы менен бирдей же бирдей эмес экендигин биле албайт.*

Биз сезүү органдарыбыздын бизге бергенин гана биле алабыз. Себеби, сыртыбыздагы чыныгы нерселерге түздөн-түз жете алышыбыз мүмкүн эмес. Аны мээбиз гана кабылдоодо. Натыйжада бир эле нерсени ар кимдин мээси ар кандай кабылдап жаткан болушу мүмкүн. Мунун себеби – кабыл алынган нерсенин кабыл алганга жараша болушу.

Тийүү (сезүү) сезимибиздин иштешинде да ушул эле процесс жүрөт. Бир нерсеге тийгенибизде сезүүнү кабылдоочуларыбыз тышкы дүйнөнү жана заттарды таануубузга жардамчы боло турган маалыматтарды терибиздеги сезүү нервдери аркылуу мээге жиберет. Тийүү сезими мээбизде жаралат. Көпчүлүгү элестеткен сыяктуу тийүү сезимин сезген жерибиз колубуз же терибиз эмес, мээбиздеги сезүү борбору болот. Биз заттардан келген электрдик сигналдардын мээбизде анализдениши натыйжасында катуу же жумшак, ысык же муздак сыяктуу заттарды аныктоочу ар кандай сезимдерди сезебиз. Демек, бир затты таануубузга мүмкүнчүлүк берген ар кандай маалыматтарды бул сигналдар аркылуу алабыз. Атактуу илим философу Бертранд Русселл бул жөнүндө мындай дейт:

*...Манжаларыбыз менен столго тийген учурдагы тийүү сезими – бул манжалар учундагы электрон жана протондорго болгон электрдик таасир. Заманбап физика бойунча, столдогу электрон жана протондордун жакындашуусунан пайда болгон болот. Эгер манжаларыбыздын учундагы ошол эле таасир башка бир жол менен жаратылган болгондо, эч кандай стол болбосо да ошол эле тийүү сезимин сезмекпиз.*

Сыртыбыздагы дүйнөнүн толугу менен сезүү органдары аркылуу таанылышы илимий чындык. Джордж Беркелей *Инсан билиминин принциптери бойунча бир изилдөө* аттуу эмгегинде мындай дейт:

*"...Көрүү аркылуу жарык жана түс, алардын даражалары жана айырмалары жөнүндө пикирге ээ болом; Тийүү сезими аркылуу жумшак же катууну, ысык жана муздакты, кыймылды жана тоскоолдукту сезем... . Жыт сезүү мага жыттарды; даам сезүү даамдарды, угуу болсо үндөрдү үйрөтөт... Бул сезимдердин кээ бирлери бир учурда сезилгендиктен, аларга бир ат берилет жана алар бир нерсе, зат катары кабыл алынат. Ушундайча, мисалы, белгилүү бир абалдагы бир түс, бир даам, бир жыт, бир кебете жана бир катуулук бирге сезилгенде «алма» деп аталган бир нерсе катары таанылат; башка сезимдер таш, дарак, китеп сыяктуу башка сезиле турган нерселерди пайда кылышат...».*

Демек, көрүү, угуу, жыт сезүү, даам сезүү жана тийүү (сезүү) менен байланыштуу борборлордогу маалыматтарды анализдеген мээбиз жашообуз бойунча заттын, материянын биздин сыртыбыздагы «чыныгы абалы» менен эмес, мээбизде жаралган абалдарына жолугууда. Биз болсо, мээбизде жаралган көрүнүштөрдү сырттагы чыныгы зат катары кабыл алуу менен жаңылабыз. Бирок, буга чейин байкалган сыяктуу мындай жаңылууга кабылбастан, бул чындыкты байкаган ойчулдар жана илимпоздор да албетте болгон.

Ал тургай, атактуу Түрк материалист Али Демирсой да бир убакта бул чындыкты кабыл алган:

*Бирок чындыгында ааламда биз көргөн сыяктуу жарыктык, биз уккан сыяктуу үн жана биз сезген сыяктуу ысыктык бар эмес. Б.а., сезүү органдарыбыз тышкы чөйрө менен мээ арасында бизди жаңылтууда жана мээде чындык менен байланышы жок элестерге себеп болууда.*

## Бүтүндөй жашообуз мээбиздин ичинде гана өтүп жатабы?

Жогоруда каралган физикалык чындыктар бизди талашсыз бир жыйынтыкка алып келет: Биз көргөн, тийген, уккан жана «дүйнө» же «аалам» деп атаган заттардын жыйындысы жалаң гана мээбизде жаралган электрдик сигналдар болууда. Ошондуктан, мисалы, айран ичип жаткан адам чындыгында айрандын чыныгы абалы менен эмес, мээсиндеги кабылданышы менен байланышы болот. Адамдын «айран» деп атаган нерсеси – айрандын ак түсү, өзүнө тиешелүү даамынын, суюктук сезиминин электрдик маалыматтар аркылуу мээде кабылданышы болот. Шоколад жеп жатканда да абал ушул сыяктуу эле; шоколаддын абалы, даамы, жыты жана катуулугуна байланыштуу электрдик маалыматтар мээде кабылданат. Эгер мээге баруучу көрүү нервин кесип (үзүп) койсоңуз, шоколаддын сүрөттөлүшү бир заматта жок болот. Же мурундагы кабылдагычтардан мээге уланган нервдердин үзүлүшү жыт сезүүңүздү биротоло жок кылып салат.

Себеби, көрүп жаткан дарагыңыз, жытын сезген заттар, буюмдар, даамын сезген шоколадыңыз, ичкен айраныңыз жана башкалар мээнин электрдик сигналдарды кабылдап, ошондой түшүнүшүнөн башка бир нерсе эмес.

Бул жерде ой жүгүртүш зарыл болгон жана адамдарды жаңылтышы мүмкүн болгон бир нерсе – алыстык сезими. Алыстык, мисалы бул китеп менен араңыздагы аралык мээңизде жаралган бир боштук сезиминин кабылданышынан башка нерсе эмес. Бир адамдын абдан алыста деп элестеткен заттар да чындыгында мээсинин ичинде. Мисалы, адам асмандагы жылдыздарды карайт жана аларды

миллиондогон жарык жыл алыста деп ойлойт. Чындыгында болсо, жылдыздар – анын ичинде, мээсиндеги көрүү борборунда. Саякаттап баратып учактан ылдыйдагы бир шаарды карап, аларды километрлер алыста деп ойлойт. Чындыгында бардык ири, чексиздей сезилген шаарлар, ичиндеги адамдар менен кошо адамдын мээсинде болууда.

Бүгүнкү күндөгү бардык илимий жетишкендиктер биз көргөн сүрөттөлүштөрдүн мээбизде экендигин так далилдөөдө.

Бирок, бул жерде адамдарды жаңылткан эң маанилүү бир фактор бар: денеңизди көрүшүңүз сизди бөлмөнүн ичинде экениңизге ишендирет. Чындыгында денеңиз да – мээңизде жаралган бир сүрөттөлүш. Бул жөнүндө Бертрант Русселл мындай дейт:

*Түздөн-түз физика илими менен байланыштуу айта турган нерсебиз – бүгүнкү күнгө чейин денебиз деп ойлогон нерсенин чындыгында физикалык заты жок өзгөчө дизайнда жасалган илимий бир структура болушу.*

Бул таамай бир чындык. Эгер биз тышкы дүйнөнү жалаң гана сезүү органдарыбыз аркылуу сезип жатсак, денебизди тышкы дүйнөдөн өзүнчө бөлүп кароо туура эмес болот.

Себеби, денебизди да бизге тааныткан – мээбизге жеткен электрдик сигналдар (импульстар). Бул импульстар да башкалар сыяктуу мээбизде ар кандай сезимдерге айландырылат. Мисалы, колдорубуз менен денебизге тийгенибизде пайда болгон тийүү сезими, жерин тартылуу күчү натыйжасында пайда болгон дененин оордук сезими, денебизден чагылган жарык нурлары пайда кылган көрүү сезими ж.б.... Бардык бул кубулуштар мээ тарабынан бир «сезимдер, элестер жыйындысы» катары бааланат. Жана биз денебизди сезебиз. Бул илимий чындыктар тарабынан да тастыкталууда. Биз өмүрүбүз бойунча чыныгы денебиз менен эмес, мээбизге жеткен денебизге тиешелүү сезимдер менен жашайбыз. Бул сигналдар акылыбыз тарабынан «денебиз» катары кабылданат.

Бул абал башка бардык сезимдерибизге да тиешелүү. Мисалы, сиз жаныңыздагы бөлмөдөн телевизордун үнүн угуп жатам деп ойлогонуңузда чындыгында мээңиздеги үндү угуп жатасыз. Жаныңызда бир бөлмө бар экендигин жана андан үн келип жаткандыгын далилдөө мүмкүн эмес. Бир топ алыстан келип жатат деп ойлогон үн да, жаныңыздагы адамдын сүйлөшү да чындыгында мээнин бир канча сантиметр кубдук угуу борборунда кабылданууда. Бул кабылдоо борборунун сыртында оң, сол, алды, арты сыяктуу түшүнүктөр жок. Б.а., үн оңдон, солдон же абадан сизге келбейт; үндүн келүү багыты жок.

Биз сезген жыттар да ушундай; эч бири бизге алыстан келбейт. Жыт сезүү борборунда пайда болгон таасирлерди сырттагы заттардын жыттары деп ойлойсуз. Чындыгында болсо бир гүлдүн көрүнүшү көрүү борборунда пайда болгон сыяктуу, анын жыты да жыт сезүү борборунда. Сыртта болсо гүл да, анын жыты да жок.

Ушул эле чындыктар ысыкка да тиешелүү. Жашаган заманынын улуу ойчулдарынан болгон Джордж Беркелей ысыктык жана муздактык сыяктуу сезимдердин мээнин сыртында бар деп эсептөөнүн туура эместигин мындай мисал менен түшүндүрөт:

*...мисалы, (сенин) колдоруңдун бирөөсү ысык, экинчиси муздак болсун. Орточо жылуулуктагы бир суу идишине колдоруңду салганда, ошол эле суу бир колуң үчүн жылуу, экинчи колуң үчүн муздак сезилбейби?*

Беркелей туура жыйынтыкка келген. Эгер бул сыпаттар заттын өзүндө бар болгондо, эки колдун да бир эле нерсени сезиши керек болчу.

Сезимдерибиз бизге тааныткан «тышкы дүйнө» бир эле убакта мээбизге жеткен электрдик сигналдардын жыйындысынан башка бир нерсе эмес. Мээбиз жашообуз бойунча бул сигналдарды анализдейт жана жыйынтыктайт. Биз болсо бул сезимдерди заттын «сырттагы» чыныгы абалы катары кабыл алып, жаңылуу менен байкабастан өмүр өткөрөбүз. *Жаңылабыз, себеби сезимдерибиз менен заттын өзүнө эч качан жете албайбыз.* Бул сүйлөм өзгөчө маанилүү.

Себеби, «тышкы дүйнө» деп элестеткен сигналдарды анализдеп маанилүү абалга алып келген биздин мээбиз. Мисалы, угуу сезимин карап көрөлү. «Сырткы дүйнөдөгү» үн толкундарын ритмге айландырган чындыгында мээбиз. Б.а., музыка мээбизде жаралган бир сезим. Түстөрдү көргөнүбүздө негизи көзүбүзгө ар кандай жыштыктагы жарык толкундары келет. Бул ар кандай жыштыктагы толкундарды түстөргө айландырган мээбиз. «Сырткы дүйнөдө» түс жок. Лимон сары, асман көк, дарактар жашыл эмес. Алар биз аларды ошондой кабылдаганыбыз үчүн гана ошондой. «Сырткы дүйнө» толугу менен кабылдагандын кабылдоосуна жараша. Түс сокурдугу мунун далили. Көздөгү торчодо пайда болгон кичинекей бузулуу түс сокурдугуна себеп болот. Бул абалда кээ бирлери көктү жашыл, кээ бири кызылды көк, кээ бирлери болсо түстөрдү боз түстүн ар кандай абалдары сыяктуу кабылдайт. Сырттагы заттын түстүү болуп болбошу маанисиз болуп калат.

Атактуу ойчул Беркелей да бул чындык жөнүндө мындай дейт:

*Кыскача айтканда, бир эле нерселер бир эле убакта кээ бирлери үчүн кызыл, кээ бирлери үчүн ысык, кээ бирлери үчүн тескерисинче болуп жатса, демек, биз жаңылуулардын таасириндебиз жана «заттар» биздин мээбизде гана бар...*

Демек, жыйынтыктасак, биз заттарды алар түстүү болгондуктан же сыртта заттык бир абалы бар болгон үчүн түстүү кылып көрбөйбүз. Эгер түстөр биздин сыртыбызда бар болгондо, түс сокурдугу деген нерсе болбойт эле. Кыскача айтканда, заттарга жүктөгөн (аларга тиешелүү деп эсептеген) бардык сыпаттар (түс, даам ж.б.) «сырткы дүйнөдө» эмес, ичибизде.

## «Тышкы дүйнөнүн» бар болушу шартпы?

Бул жерге чейин мээбизде жаралган элестер (сезимдер) дүйнөсүнүн бар болушу жана бул дүйнөнүн чыныгы абалына эч качан жете албастыгыбыз жөнүндө сөз кылдык. Бул дүйнөнүн чындап бар экендигин кантип биле алабыз?

Албетте, биле албайбыз. Тескерисинче, ар бир зат жалаң гана сезимдердин жыйындысы экендигин, бул сезимдер да жалаң мээде бар экендигин эске алсак, бар болгон дүйнө жалаң гана сезимдерден турат деп айтууга болот. Биз тааныган жалгыз дүйнө мээбиздин ичинде бар болгон, ал жерде калыптанган, добуш жана түс берилген, кыскача айтканда, мээбизде жаралган дүйнө жана биз бар экендигине так ишене ала турган жалгыз дүйнө да – ушул дүйнө.

Мээбизде көрүп жаткан сүрөттөлүштөрдүн чындап (зат катары) бар экендигин болсо эч качан далилдей албайбыз. Бул сүрөттөлүштөр (сезимдер, элестер) «жасалма» (табигый эмес) бир булактан келиши да мүмкүн.

Муну төмөнкүдөй бир мисал менен элестетип көрсөк болот:

Алгач мээңизди денеңизден сыртка чыгарып, айнек бир идиштин ичинде жасалма жол менен жашата алдык деп элестетели. Жана мунун жанына ар кандай электрдик сигнал жарата алуучу компьютер койгон бололу.  Бул компьютерде белгилүү бир чөйрөгө тиешелүү үн, жыт, катуулук-жумшактык, даам жана дененин сүрөттөлүшү сыяктуу маалыматтардын электрдик сигналдарын жасалма жол менен өндүрүп сактап койолу. Мисалы, эч нерсе жашабаган бир тоонун чокусунда денеңизден сыртка чыгарылган мээңизге ушундай эксперимент жасайлы. Бул компьютерди нервдин ролун аткара турган электрдик кабельдер жардамы менен мээңиздин кабыл алуу борборлоруна туташтыралы жана компьютерде сакталуу болгон сигналдарды тоонун чокусундагы мээңизге берели. Бул сигналдарды алган сайын мээңиз (б.а., «сиз») бул сигналдар сүрөттөгөн чөйрөнү көрөсүз жана жашайсыз. Мисалы, бир стадиондо болуп жаткан футбол матчы менен байланыштуу акылга келген ар кандай өзгөчөлүк - сезүү органдары менен кабылдана ала турган негизде - өндүрүлгөн же сакталган болсун. Тоонун чокусунда жалгыз мээңиз менен ал мээңизге туташтырылган компьютер гана болгонуна карабастан, сиз өзүңүздү бул жасалма жол менен жаратылган дүйнөнүн (мисалы, матчтын) ичинде жашап жаткандай сезесиз. Матчта жүрөм деп ойлойсуз, кээде ачууланып, кээде сүйүнөсүз. Ал тургай көп кишинин арасында кээде жаныңыздагы адам менен түртүшүп кетесиз жана аларды бар деп ойлойсуз. Эң кызыгы бардык нерсе ушунчалык чындыкка жакын болгондуктан, бул чөйрөнүн жана өзүңүздүн денеңиздин бар же жок экендиги жөнүндө эч күмөн санабайсыз.

Же болбосо, бир столдо отурганда сиз сезген көрүү, угуу, тийүү сыяктуу сезимдердин электрдик сигналдарын мээңизге жөнөткөнүбүздө мээңиз өзүн офисинде отурган бир кызматкер деп сезет. Компьютерден келген сигналдар улана берген сайын бул кыялдагы дүйнө улана берет. Өзүңүздүн бир мээден гана турганыңызды түшүнүшүңүз болсо, эч качан мүмкүн болбойт. Себеби, мээнин ичинде бир дүйнө пайда болушу үчүн чыныгы дүйнөнүн бар болушу зарыл эмес, жөн гана керектүү сигналдардын болушу жетиштүү. Бул сигналдардын жасалма бир булактан, мисалы компьютер же башкача бир аппараттан келип жаткан болушу толук мүмкүн. Бул бойунча жасалган эксперименттер бул чындыкты тастыктоодо.

Америкада Клевланд ооруканасынан Др. Уайт электроника адиси болгон достору менен бирге «Сиборгдун» жашатылышы бойунча чоң ийгиликке жетишкен. Др. Уайт бир маймылдын мээсин изоляция кылып, башынын сыртында өзүнчө бир жерде кычкылтек жана кан менен бага алган. Жасалма жол менен жасалган бир «Жүрөк өпкө машинасына» туташтырылган мээ мындай абалда 5 саат жашаган. Бул изоляцияланган мээ туташкан Электро Энсафелограмм аппараты айлана-чөйрөдө чыгып жаткан үндөрдүн мээнин угуп, ага реакция бергендигин E.E.G. каттоолорунда көрсөткөн.

Демек, тыштан берилген жасалма сигналдар аркылуу да тышкы дүйнөнү сезишиңиз мүмкүн. Беш сезүү органыңыздын жардамы менен сезе турган символдор бул үчүн жетиштүү. Бул учурда мындай символдордон тышкары тышкы дүйнө деген бир нерсе жок болот.

Чындыгында заты жок болгон сезимдерди (элестерди) зат деп кабыл алуу менен жаңылууга кабылышыбыз абдан оңой. Бул чындыкты түшүбүздө абдан көп жашайбыз. Түшүбүздө толук чындык сыяктуу окуяларды башыбыздан өткөрөбүз, адамдар, заттар, чөйрөлөрдү көрөбүз. Чындыгында болсо, алардын баары сезимден башка нерсе эмес. Түш менен «чыныгы жашоо» арасында болсо негизинен бир айырма жок; экөөсүн тең мээбизде жашайбыз.

## Кабылдаган, сезген ким?

Китептин башынан бери байкаган сыяктуу ичинде жашап жатабыз деп ойлогон жана «тышкы дүйнө» деп атаган заттар дүйнөсүнүн чындыгында мээде жаралып жаткандыгында шек жок. Бирок, бул жерде негизги, эң маанилүү суроо туулат. Бул сезимдерди сезген нерсе мээнин өзүбү?

Мээни анализдегенибизде адам мээсинде да башка жандуулардагы сыяктуу протеин жана май молекулалары бар экендигин көрөбүз. Бул молекулалардын негизин болсо, белгилүү болгондой, атомдор түзөт. Б.а., мээ деп атаган бир кесим этте сүрөттөлүштөрдү көрө турган, аң-сезимге ээ, кыскача айтканда, «мен» деп аталган нерсени (адамды) түзө ала турган эч нерсе жок.

Р.Л. Грегори мээдеги сүрөттөлүштүн кабылданышы боюнча адамдардын жаңылуусун мындай сүрөттөйт:

*Адамдар көздөр мээде сүрөттөлүштөр (кадрлар) жаратат деп айтышат, бирок мындай ойлордон кутулуу зарыл. Мээде бир сүрөт жаралууда деп кабыл алсак, анда бул сүрөттү көрүү үчүн ичинде дагы бир көз болушу зарыл – бирок бул көз жараткан сүрөттү көрүү үчүн дагы бир көзгө муктаждык бар,... жана бул чексиз көздөр жана сүрөттөр болушун талап кылат. Мындай болушу мүмкүн эмес.*

Заттан башка эч нерсени кабыл албаган материалисттердин башын катырган эң негизги маселе так ушул: Көргөн, көргөн нерсесин кабылдаган жана реакция берген «ич тараптагы көз» кимдин көзү?

Карл Прибрам да илим жана философия дүйнөсүндө кабылдоону ким сезип жаткандыгы менен байланыштуу бул маанилүү издөөлөргө мындай деп көңүл бурат:

*Гректерден бери философтор «машинанын ичиндеги кыялдар», «кичинекей адамдын ичиндеги кичинекей адам», сыяктууларды ойлонуп келишүүдө. «Мен» - мээни колдонгон нерсе – каерде? Аң-сезимдин ээси ким? Ассисили Азиз Франсис да айткан сыяктуу: «Издегенибиз – карагандын ким экендиги.»*

Эми муну ойлонуп көрүңүз: Колуңуздагы китеп, ичинде отурган бөлмө, кыскача айтканда алдыңыздагы бардык көрүнүштөр мээңиздин ичинде көрүнүүдө. Бул көрүнүштөрдү (сүрөттөлүштөрдү) атомдор көрүп жатышабы? Көр, дүлөй, аң-сезими жок атомдор... Жансыз жана аң-сезими жок атомдор кантип сезе алышат, кантип көрө алышат? Эмне үчүн атомдордун кээ бирлери мындай көрүү өзгөчөлүгүнө ээ болуп, кээ бирлери ээ болгон эмес?... Ойлонушубуз, түшүнүшүбүз, эстешибиз, сүйүнүшүбүз, кайгырышыбыз, булардын баары жөн гана атомдордун арасындагы химиялык реакциялардын натыйжасыбы? Жок, бардык бул нерселерди жасаган күчтүн мээ болушу мүмкүн эмес.

Мурдакы бөлүмдөрдө «тышкы дүйнө» деп атаган сезимдер жыйындысына денебиздин да кирээрин айтканбыз. Бул учурда мээбиз да денебиздин бир бөлүгү болгондуктан, ал да сезимдер (элестер) жыйындысынын бир бөлүгү болот. Мээ өзү да бир сезим болгон болсо, башка сезимдерди сезген күч мээнин өзү болушу мүмкүн эмес.

Бертрант Руссел *Салыштырмалуулуктун Алфавити* аттуу эмгегинде *«Заттар жалпысынан куралуулардын (сезимдердин) тобу катары кабыл алына турган болсо, бул абал көзгө, көрүү нервдерине жана мээге да тиешелүү экендигинде шек жок»* деп айтат.

Көрүп жаткан, угуп жана сезип жаткан нерсенин заттан башка бир нерсе экендиги айдан ачык. Себеби, зат, материя ойлоно албайт, сезе албайт, бактылуу болуп же капа боло албайт. Жалаң дене

менен буларды жасоо мүмкүн эмес. Демек, бул нерсе зат да эмес, бир көрүнүш да эмес, бирок жандуу нерсе. Бул нерсе сүрөттөлгөн денени колдонуу менен алдындагы «экранды» көрөт.

Түш менен байланыштуу бир мисал теманы жакшы түшүнүүгө жардам берет. Түштү (буга чейин түшүндүргөндөрүбүзгө ылайык) мээбиздин ичинде көрүп жатабыз деп кабыл алалы. Түшүбүздө жок эле бир (элестүү) денебиз бар болгон болот. Элестүү бир колубуз, элестүү бир көзүбүз жана элестүү бир мээбиз. Түш көрүп жатканыбызда, бизден «каерде көрүп жатасың?» сыяктуу суроо сурашса, бере турган жообубуз «мээмде мөрүп жатам» болот. Мээбиз каерде экендигин жана кандай нерсе экенин сурашса, элестүү колубуз менен элестүү денебиздеги элестүү башыбызды кармап, «мээм – бул башымдын ичиндеги бир килограммдан бираз оорураак бир кесим эт» деп жооп беребиз.

Бирок, чындыгында эч кандай мээ жок. Жалаң гана элестүү бир баш жана элестүү бир мээ бар. Түшүбүздөгү көрүнүштөрдү көргөн күч болсо, түшүбүздөгү элестүү (чындыгы жок болгон) мээ эмес, андан тышкаркы бир нерсе.

Түшүбүздөгү чөйрө менен чыныгы жашоо деп атаган чөйрө арасында эч кандай физикалык айырма жок экендигин билебиз. Андай болсо, бизге чыныгы жашоо деп атаган жашообузда «каерде көрүп жатасың?» деп сурашса, жогорку мисалдагы сыяктуу «мээмде» деген жоопту берүүнүн мааниси жок. Эки учурда тең көргөн жана сезген күч бир кесим эт болгон мээ эмес. Бул чындыкты байкаган Бергсон *Зат жана Эс-тутум* аттуу китебинде *«дүйнө символдордон жаратылган, бул символдор биздин аң-сезимибизде гана бар; мээ да ушул символдордун бири»* деп айтат.

Демек, мээ да тышкы дүйнөгө тиешелүү болгон болсо, бардык бул нерселерди кабылдаган бир күч болушу зарыл. Бул күч – рух.

«Заттар дүйнөсү» деп атаган сезимдер жыйындысы – так ушул рух тарабынан көрүлгөн бир элестер гана. Түшүбүздө көргөн денебиз жана заттар дүйнөсү жок болгон сыяктуу, ичинде жашап жаткан ааламдар жана денебиздин да заттык чындыгы жок. Англиялык философ Давид Юм бул чындык боюнча көз-карашын мындайча билдирет:

*Чын көңүлдөн өзүм деп атаган нерсе менен бирге болгонумда мен ысык же суук, жарык же көлөкө, ашык болуу же жек көрүү, азап же жыргал менен байланыштуу атайын бир сезимдерге дайыма кабылам. Мен бир сезимдер (элестер) болбостон, кандайдыр бир учурда өзүмдү эч качан кармай албайм жана эч качан элестерден башка бир нерсени көрө албайм.*

Чындык болгон нерсе – бул рух. Заттар болсо – рух көргөн элестер гана. Бул китеп барактарын жазган жана окуган акылдуу нерселер да, атомдор жана молекулалар жыйындысы жана алардын арасындагы химиялык реакциялар эмес. Алар – рухтар.

## Чыныгы абсолюттук Зат

Бардык бул чындыктар бизди абдан маанилүү бир суроого жетелейт: Заттар дүйнөсү деп тааныган бардык нерселер чындыгында рухубуз сезген элестер гана болсо, анда бул элестердин булагы эмне?

Бул суроого жооп берүүдө төмөнкү чындыкты эсте түйүшүбүз зарыл: зат - өз алдынча бар болгон көз-карандысыз бир нерсе эмес. Зат бир элес болгондуктан, ал «жасалма» бир нерсе. Б.а., бул элестердин башка бир кудурет тарабынан жасалышы, тагыраак айтканда, жаратылышы зарыл. Болгондо да тынымсыз жаратылып турушу зарыл. Эгер тынымсыз бир жаратуу болбосо, зат деп атаган нерсебиз жок болуп кетет. Муну телевизордон көргөн нерселерге салыштырууга болот. Эгер телеканал сунуучусунда бир маселе чыгып, толкун келиши токтоп калса, телевизордогу сүрөттөлүштөр жоголуп кетет.

Анда ким биздин рухубузга жылдыздарды, дүйнөнү, өсүмдүктөрдү, адамдарды, денебизди жана биз көргөн бардык нерселерди тынымсыз көрсөтүп турууда?

Ичинде жашаган бардык заттар ааламын, б.а., элестердин жыйындысын жараткан жана тынымсыз жаратып турган жогорку бир Жаратуучу бар экендиги айдан ачык. Бул Жаратуучу – мындай көркөмдүү бир жаратылышты жаратып, көрсөтүп жатканына караганда, чексиз күч-кудурет жана илим ээси.

Ал Жаратуучу бизге Өзүн таанытат. Өзү жараткан элестер ааламы ичинде китеп да жараткан жана бул китеп аркылуу бизге Өзүн, ааламдарды жана биздин эмне үчүн жаратылганыбызды түшүндүрүп берет.

Ал Жаратуучу – Аллах, китебинин аты болсо – Куран.

Асмандар жана жердин, б.а. ааламдын өз алдынча туруктуу жана тең салмактуу эмес экендигин, Аллахтын жаратуусу менен гана бар экендиги жана Ал жаратууну токтоткондо, жок болуп кетээри бир аятта мындайча баяндалат:

**Шек жок Аллах асмандарды жана жерди талкаланышат деп (дайыма кудурети менен) кармап турат. Ант болсун, эгер талкаланышса, Андан башка аларды эч ким кармай албайт. Чындыгында, Ал Халим (абдан жумшак), кечиримдүү. (Фатыр Сүрөсү, 41)**

Китептин кириш бөлүгүндө айтылган сыяктуу адамдардын көпчүлүгү Аллахтын күчүн түшүнө албагандыктан, Аны асмандарда бир жерде жана дүйнө иштерине кийлигишпеген бир нерсе катары элестетишет (СубханАллах). Мындай көз-караштын негизинде болсо, ааламды заттардын жыйындысы деп ойлоо жана Аллахты бул заттардын «сыртында» бир жерлерде деп элестетүү турат.

Чындыгында болсо, буга чейин байкаган сыяктуу, зат элестерден гана турат. Чыныгы абсолюттук зат болсо – Аллах. Б.а., бар болгон жалгыз гана Аллах, Андан башка бардык нерселер - көлөкө нерселер. Демек, кээ бир адамдар ойлогондой, Аллахтын заттар жыйындысынын «сыртында» бир жерлерде болушу сыяктуу ойлор такыр туура эмес. Себеби, абсолюттук мааниде зат деген нерсе жок. Аллах - «бардык жерде» жана бардык жерди камтып турат. Бул чындык Куранда мындайча баяндалат:

**Аллах... Андан башка илах (сыйынууга татыктуу зат) жок. Ал – тирүү, Кайуум. Аны уйкусуроо жана уйку тартпайт. Асмандарда жана жерде эмне бар болсо, баары Аныкы. Анын уруксаты болбостон, Анын кабатында шапаат кылуучу ким? Ал алдыңардагыны жана артыңардагыны билет. (Алар болсо) Ал каалагандан сырткары, Анын илиминен эч нерсени түшүнүп-аңдай алышпайт. Анын күрсүсү бардык асмандарды жана жерди курчап турат. Аларды коргоо Ага оор эмес. Ал – абдан улук, абдан бийик. (Бакара Сүрөсү, 255)**

Заттар элестерден гана тургандыктан, Аллахты көрө алышпайт, бирок Аллах Өзү жараткан затты абдан даана көрөт. Куранда **«Көздөр Аны көрө албайт; Ал болсо бардык көздөрдү көрөт» (Энъам Сүрөсү, 103)** аяты менен бул чындык баяндалат.

Б.а., биз Аллахтын затын көздөрүбүз менен көрө албайбыз, бирок Аллах биздин ичибизди, сыртыбызды, көз карашыбызды, ойлорубузду толугу менен көрүп турат. Ушул себептен Аллах Куранда Өзүн **«кулактар жана көздөрдүн малиги (ээси)» (Йунус Сүрөсү, 31)** деп таанынат. Анын маалыматы болбостон, биз бир сөз да айта албайбыз, ал тургай бир жолу да аба (дем) ала албайбыз.

«Тышкы дүйнө» деп атаган элестерди карап жатканыбызда, б.а., жашап жатканыбызда бизге эң жакын болгон зат кайсы бир элестер эмес, Аллахтын Өзү болууда. Куранда орун алган **«Ант болсун, инсанды Биз жараттык жана напсисинин ага кандай азгырыктар берип жаткандыгын билебиз. Биз ага күрөө тамырынан да жакынбыз» (Каф Сүрөсү, 16)** аятынын сыры да ушул чындыкта жашырылган. Бир инсан өзүнүн денесин «заттан» турат деп ойлогондо, бул маанилүү чындыкты түшүнө албайт. Себеби, мисалы «өзүм» деп ойлогон жери мээси болгон болсо, сырт тарап деп кабыл алган жер өзүнөн 20-30 см сыяктуу белгилүү бир алыстыкта болгон болот. Мындай көз-караш бойунча, эч нерсе адамга күрөө тамырынан жакын боло албайт. Бирок, зат деген нерсе жок экендигин, бардык нерселердин элестерден тураарын түшүнгөндө болсо, сырт тарап, ич тарап, алыс, жакын сыяктуу түшүнүктөр маанисин жоготот. Аллах адамды жапжакындан курчап турат жана ага «чексиз жакын».

Аллах инсандарга «чексиз жакын» экендигин **«кулдарым Мени сенден сураша турган болсо, чындыгында Мен (аларга) абдан жакынмын...» (Бакара Сүрөсү, 186)** аяты аркылуу билдирет. **«Чындыгында Раббиң инсандарды ар тараптан курчап турат» (Исра Сүрөсү, 186)** деген башка бир аят да бул чындыкты көрсөтөт. Буга карабастан, инсан «өзүмө эң жакын нерсе өзүммүн» деп ойлоо менен жаңылат. Чындыгында болсо, Аллах бизге өзүбүздөн да жакыныраак.

**«Жан тамакка келип такалганда, силер ал учурда (жөн гана) карап турасыңар, Биз ага силерден жакыныраакпыз; бирок көрбөйсүңөр.» (Вакыа Сүрөсү, 83-85)** аятында да инсанга эң жакын нерсенин Аллах экендигине көңүл бурулат. Чындап эле, өлүм төшөгүндөгү же оорулуу керебетиндеги бир инсан чоң жаңылууга кабылуу менен, ал учурда ага эң жакын нерсе деп жанындагы доктурду же аны кучактаган апасын же колун кармаган бир жакынын ойлошу мүмкүн. Бирок, аятта да билдирилгендей, ал учурда Аллах ал инсанга бардык нерседен жакын. Бирок инсандар көздөрү менен көрө албагандыктан, бул таң калаарлык чындыкты байкабастан жашап өтүшөт.

Бардык бул түшүндүрүлгөндөрдөн чыккан эң негизги жыйынтык: жалгыз жана чыныгы абсолюттук заттын Аллах экендиги. Аллах илими менен бир көлөкө жандык болгон инсанды жана башка бардык нерселерди курчап турат. Бир аятта да **«Силердин илахыңар – жалгыз Аллах гана, Андан башка илах жок. Ал илими менен бардык нерсени курчап турат.» (Таха Сүрөсү, 98)** деп айтылуу менен бул чындыкка ишарат кылынууда. Аллах Куранда орун алган башка бир аятта да инсандардын мындай жаңылууларын мындайча эскертет:

**Абайлагыла; алар Жаратуучуларына жолугуу жөнүндө терең шектенишүүдө. Абайлагыла, чындыгында Ал бардык нерсени ороп-курчоочу. (Фуссилет Сүрөсү, 54)**

Башка тараптан, бир көлөкө жандыктан башка нерсе эмес болгон инсан бардык нерсеси (*дене мүчөлөрү да, котор.*) менен бирге Аллахтан көз-каранды, өз алдынча бир күч жана эркке ээ болушу да мүмкүн эмес. **«Аллах кааламайынча, силер каалай албайсыңар.» (Инсан Сүрөсү, 30)** аятында бул чындык баяндалат. Биз жашап жаткан бардык окуялардын Аллахтын контролу менен ишке ашып жаткандыгын көрсөткөн башка бир аят да - **«силерди да, кылып жатканыңарды да Аллах жаратты» (Саффат Сүрөсү, 96)** деген аят. Куранда бул чындык бир канча жерде билдирилет жана **«... ыргытканда сен ыргытпадың, Аллах ыргытты...» (Энфал Сүрөсү, 17)** аяты аркылуу эч кайсы кыймыл-аракеттин Аллахтан көз-карандысыз эмес экендигине басым жасалат. Инсан көлөкө жандык болгондуктан, «ыргытуу» аракетин жасаган өзү болушу мүмкүн эмес. Бирок Аллах бул көлөкө жандыкка ал инсан ыргыткан сыяктуу сезим берүүдө. Чындыгында болсо, бардык кыймыл-аракеттерди ишке ашырган – бул Аллах. Демек, адам жасаган ишин «өзүм жасадым», «бардык нерсеге өзүм жетиштим» деп ойлошу, ал тургай өзүн өз алдынча күч-кудурети бар бир жандык элестетиши жана бул күчүнө ишениши өзүн ачык алдагандыгы болот. Себеби, байкалгандай, инсан бардык нерсеси менен Аллахтын контролу астында болгон бир жандык.

Чындык ушундай. Кээ биринин муну кабыл алгысы келбеши мүмкүн, жана өзүн «Аллахтан көз-карандысыз бир жандык» деп эсептеген ойун уланта бериши мүмкүн. Бирок бул эч нерсени өзгөртпөйт. Куранда да бул чындыкка мындайча ишарат кылынат:

**Алар Аллахтын дининен башка бир дин издеп жатышабы? Чындыгында, асмандарда жана жерде эмне бар болсо, баары – кааласа да, каалабаса да – Ага моюн сунат жана Ага кайтарылышууда. (Ал-и Имран Сүрөсү, 83)**

## Сиз ээ болгон бардык нерселер чындыгында элестер гана...

Так байкалган сыяктуу, «тышкы дүйнөнүн» заттык бир чындыгы жок экендиги, Аллах тарабынан тынымсыз рухубузга көрсөтүлүп турган сүрөттөлүштөр экендиги илимий жана логикалык чындык. Бирок, инсандар көбүнчө «тышкы дүйнө» түшүнүгүнүн ичине бардык нерсени кошушпайт, же кошкулары келбейт.

Бул темада бираз чын көңүлдөн жана эр жүрөктүүлүк менен ойлоно турган болсоңуз, үйүңүздүн, ичиндеги буюмдарыңыздын же баалуулуктарыңыздын, дачаңыздын, жаңы алган машинаңыздын, офисиңиздин, ювелирдик буюмдарыңыздын, банктагы эсебиңиздин, кийимдериңиздин, жарыңыздын, балдарыңыздын, коллегаларыңыздын жана ээ болгон башка буюмдарыңыздын сизге көрсөтүлгөн бул «элестүү тышкы дүйнөнүн» бир бөлүгү экенин түшүнөсүз. Айланаңызда сиз көргөн, уккан, жыттаган, кыскача айтканда, беш сезүү органыңыз аркылуу сезген бардык нерселер бул «элестүү дүйнөгө» тиешелүү; сиз эң жакшы көргөн ырчынын үнү, отурган отургучтун катуулугу, жыты көңүлүңүзгө жаккан атыр, сизди ысыткан күн, түстөрү менен суктандырган гүл, терезеңиздин сыртынан учуп бараткан чымчык, деңизде сызып бараткан катер, көп түшүм берген багыңыз, жумушуңузда колдонгон компьютериңиз же дүйнөдөгү эң сапаттуу технология менен жасалган телевизоруңуз...

Чындык – ушундай. Себеби, дүйнө жалаң гана инсанды сыноо үчүн жаратылган бир сүрөттөлүштөрдүн (элестердин) жыйындысы. Инсандар кыска өмүрү бойунча чындыгы жок элестер менен сыналышат. Бул элестер инсандарга өзгөчө сулуу, көркөм жана өзүнө тартуучу болуп көрсөтүлөт. Бул чындык Куранда мындайча кабар берилет:

**Аялдарга, балдарга, сандык сандык жыйылган алтын жана күмүшкө, күлүк көркөм аттарга, айбанаттарга жана түшүмдөргө болгон бекем (күчтүү) арзуу инсандарга «сулуу жана өзүнө тартуучу» кылынды. Булар – дүйнө жашоосунун жалган көркөмдүктөрү. Чыныгы барыла турган сонун жер – Аллахтын кабатындагы (мекен). (Ал-и Имран Сүрөсү, 14)**

Инсандардын көпчүлүгү ээ болгон же ээ болгонго аракет кылган мүлктөр, акчалар, топтогон алтындар, күмүштөр, долларлар, ювелирдик буюмдар, чөнтөктөгү акчалар, кредиттик карттар, шкафтар толгон кийимдери, акыркы модель машиналары, кыскача айтканда, ар кандай байлыктардын сыйкырына кабылуу менен диндерин таштап, акыретин унутуп койушат жана жалаң гана бул алдамчы дүйнөнү максат кылып жашашат. «Жумушум бар», «идеалдарым бар», «милдеттерим бар», «убактым аз», «убагында бүтүрүш зарыл болгон иштерим бар», «келечекте кылам» деп, дүйнөнүн «кооз жана өзүнө тартуучу» жүзүнө алдануу менен намаз кылбайт, жакырларга жардам бербейт, акыретте пайдасына жарай турган ибадаттарды жасашпайт. Тескерисинче, жалаң гана дүйнөдө байлык топтоону максат кылуу менен өмүрлөрүн өткөрүшөт. **«Алар дүйнө жашоосунун сыртын билишет, акыреттен болсо бейкапар» (Рум Сүрөсү, 7)** аятында дал ушул жаңылыштыктан кабар берилет.

Китептин бул бөлүмүндө каралган чындык, б.а. бардык нерселердин бир элес экендиги жөнүндөгү чындык болсо, бардык мындай дүйнөгө болгон ач көздүк жана көз-карандылыктардын маанисин жоготкондуктан, абдан маанилүү. Себеби, бул чындыкты түшүнүү адамдар ээ болгон жана ээ болууга аракет кылган бардык нерселердин, ач көздүк менен жыйнаган мал-мүлктөрүнүн, мактанган бала-чакаларынын, өздөрүнө эң жакын деп эсептеген жарларынын, досторунун, эң жакшы көргөн денелеринин, бир мартаба катары көргөн кызмат орундарынын, билим алган мектеп, университеттеринин, өткөргөн каникулдарынын элестер гана экендигин көрсөтөт. Демек, бардык бул нерселер үчүн жасалган аракеттер, өткөргөн убакыттар да пайдасыз коротулган болот.

Абал мындай болгон соң, кээ бир адамдар ээ болгон мал-мүлктөрү, «яхталары, вертолеттору, заводдору, холдингдери, чоң үйлөрү, жерлери» менен алар чындап эле бар сыяктуу мактанышканда, өздөрүн алдап, уят болушууда. Яхталарында бой көтөрүү менен кыдырып жүргөн байлар, досторуна машиналары менен мактангандар, байлыктарын дайыма сөз кылгандар, кызмат орундары аларды бардыгынан өйдө кылууда деп ойлогондор, кийимдери менен суктандырганга аракет кылгандар, бардык жашоосун ушул сыяктуу максаттар жана жарыштарга арнагандар, алар менен элдерди суктандырып жатам деп ойлогондор, чындыгында, чындык болбогон, элестер менен гана мактанып жаткандыгын түшүнгөндө кандай абалда калаарын ойлонуулары зарыл.

Негизи ушул сыяктуу нерселерди адамдар түштөрүндө да бат бат көрүп турушат. Түштөрүндө да үйлөрү, сонун машиналары, абдан кымбат баалуу ювелирдик буюмдары, пачка пачка долларлары, топ топ алтын жана күмүштөрү бар болгон болот. Түштөрүндө да жогорку кызмат орду, миңдеген адамдар иштеген заводдору, көптөгөн адамдарга буйрук бере ала турган күчтөрү бар болгон болот, баарын таң

калтырган кийимдер кийинишет... Бирок, бул түштөрүндө ээ болгон нерселери менен мактануу адамдарды кандайча күлкүмүштүү абалга түшүрө турган болсо, бул дүйнөдө аларга көрсөтүлгөн элестер менен мактануу да ошол сыяктуу эле көрүнүш болот. Түштөрүндө көргөндөрү да, бул дүйнөдө көргөндөрү да, чындыгында, мээлериндеги бир элестер гана. Бирок бул чындыкты сөзсүз ойлонуу зарыл. Аятта да айтылгандай, бул чындыкты түшүнгөндөр утат:

**Чындыгында, силерге Жаратуучуңардан (Раббиңерден) парасат (терең акыл) келди. Ким парасат менен байкаса өзүнө пайда, ким көр болсо (көргүсү келбесе) өзүнө зыян... (Энъам Сүрөсү, 104)**

Ушул сыяктуу бул дүйнөдө адамдардын башына келген окуяларга көрсөткөн реакциялары да, бул чындыкты түшүнгөндө аларды уялтат. Өзүн жоготуп урушуп-талашкандар, кыйкырып-өкүргөндөр, бирөөлөрдү алдагандар, пара алгандар, алдамчылыктарды уюштургандар, калп айткандар, сараңдык кылгандар, адамдарды эзгендер, аларды урушуп сөккөндөр, көңүлдөрүндө кызмат орундары гана тургандар, чыккынчылык кылгандар, мактанууга, бой көтөрүүгө аракет кылгандар жана ушул сыяктуулар бул аракеттерин бир элестер дүйнөсүндө кылгандыгын түшүнүшкөндө, шылдың болушат.

Биз «дүйнө» деп атаган сүрөттөлүштөрдү (элестерди) жараткан Аллах болгондуктан, бул дүйнөдөгү бардык мал-мүлктөрдүн чыныгы ээсинин да Аллах экендигин билүүбүз зарыл. Бул чындыкка Куранда өзгөчө басым жасалат:

**Асмандарда жана жерде эмне бар болсо, баары Аллахтыкы. Аллах бардык нерселерди курчап турат. (Ниса Сүрөсү, 126)**

Чындыгында элестер гана болгон максаттар үчүн динди бир тарапка таштап койуу жана мунун натыйжасында чексиз жашоону жоготуу болсо, эң чоң акылсыздык. Ал тургай инсанга чексиз жоготуу алып келет. Аллах алардын бул абалын мындай баяндайт:

**... Алардын ал жерде (дүйнөдө) жасаган бардык эмгектери пайдасыз болду жана жасап жаткан аракеттери да жараксыз болду. (Худ Сүрөсү, 16)**

Аятта да билдирилгендей, бул чындыкка ылайык адамдар бардык каалоо-максаттарынан да, «ээсимин» деп ойлогон нерселеринен да кол жууп, алар адамдарга эч кандай пайда алып келбейт жана жараксыз болот.

Бул жерде мобул нерсени жакшы түшүнүү зарыл: Биз көргөн бул чындык «бардык биз ээ болгон жана жакшы көргөн мүлктөр, байлыктар, бала-чакалар, жарлар, достор, кызмат орду келечекте жок болот, ошондуктан эч кандай мааниси жок» деген жыйынтыкка алып келбейт. «Биз ээ болгон бул нерселердин эч бирөөсү азыркы учурда да жок, баары жалаң гана элестер, Аллахтын бизди сыноо үчүн көрсөтүп жаткан сүрөттөлүштөр гана» деп айтууда. Көңүл буруп карасаңыз, бул экөө арасында чоң айырма бар. Алгачкысында, адам өткүн болсо да, буларды «бар» деп ойлоп жаңылуу менен, буларга ээ болуу үчүн ач көздүккө кабылышы мүмкүн. Бирок экинчи учурда болсо, б.а., бардык нерселер элес

экендигин толук түшүнгөндө, адам билип туруп бул дүйнөнү гана максаттаганда, уят болгон болот, ошондой эле, эч элестете албаган чоң жоготууга учурайт.

Инсан бул чындыкты азыр кабыл алууну каалабастан, бардык ээ болгон нерселерин бар деп ойлоп, өзүн алдаса да, аягында өлгөндөн кийин кайрадан тирилгенде, б.а., акыретте чындык дапдаана белгилүү болот. Ал күнү инсандын **«көрүү күчү таамайлашат» (Каф Сүрөсү, 22)** жана бардык нерсени абдан даана байкап түшүнөт. Бирок, эгер дүйнөдөгү жашоосун элестүү (жок) максаттарга арноо менен гана өткөргөн болсо, ал жерде «эч жашабаган болгонумда» деп тилейт, **«Ал (өлүм) менен (бардык нерсе) бүткөн болгондо. Мал-мүлкүм мага эч кандай пайда бере алган жок. Күч жана кудуретим жок болуп кетти» (Хакка Сүрөсү, 27-29)** деп айтуу менен азапка дуушар болот.

Акылдуу инсанга түшкөн милдет болсо, бардык жаратылыштын бул эң чоң чындыгын убакыт бар кезде, бул дүйнөдө түшүнүүгө аракет кылуу. Антпесе, бардык өмүрүн элестер артынан кубалоого жумшап, аягында чоң бир азапка дуушар болот. Аллах дүйнөдө элестер (же «закымдар») артынан кубалоо менен өзүнүн Жаратуучусун унуткан мындай инсандардын соңку абалдарын мындайча билдирет:

**Баш тарткандар (ишенбегендер) болсо; алардын амалдары (эмгектери) бир талаадагы закымга окшошот; суусаган аны суу деп ойлойт. Аягында ага жеткенде, эч нерсе таба албайт жана жанында Аллахты табат. (Аллах болсо) анын эсебин толугу менен берет. Аллах – эсепти абдан так кылуучу. (Нур Сүрөсү, 39)**

## Эмне үчүн түшүнө алышпайт?

Бул жерге чейин түшүндүргөн темабыз жашооңуз бойунча сизге түшүндүрүлгөн эң чоң чындыктардын бири. Себеби, бардык заттар дүйнөсүнүн чындыгында бир «көлөкө нерселер» экендигин далилдеген бул тема, Аллахтын бар экендиги жана Анын жаратуусун аңдоонун; Анын жалгыз абсолюттук нерсе экендигин түшүнүүнүн ачкычы.

Бул теманы түшүнгөн инсан бул дүйнөнүн адамдардын көпчүлүгү элестеткен сыяктуу бир жер эмес экендигин түшүнөт. Бул дүйнө көчөлөрдө максатсыз басып жүргөндөр, базарларда урушуп-талашкандар, люкс кафелерде бир-бирлерине мактангандар, бош маектер (сөздөр) менен өмүрлөрүн өткөргөндөр, мүлктөрү менен мактангандар, сараң жана эгоист каалоолорунун кулу болгондор, жашоолорун бош максаттарга арнагандар элестеткен (ойлогон) сыяктуу чындыгында бар болгон, абсолюттук бир жер эмес. Жалаң гана элестердин жыйындысы, кыял гана. Жогоруда санаган адамдардын баары алардын абалдары, кызмат орундары, чиндери кандай болсо болсун, бул элестерди мээлери ичинде көрүп жаткан көлөкө жандыктар. Бирок, муну билишпейт.

Бул жерде түшүндүрүлгөндөр – бир физика мыйзамы же бир химия формуласы сыяктуу так илимий чындыктар. Инсандар зарыл болгондо, эң татаал математика маселелерин да чыгара алышууда, түшүнүү эң кыйын сыяктуу көрүнгөн көптөгөн темаларды түшүнө алышууда. Бирок, ошол эле адамдарга заттын мээде жаралган бир сүрөттөлүштөрдөн гана тураары түшүндүрүлгөндө, муну түшүнбөгөндөй болушууда. Бул түшүнбөстүк абалы – абдан «апыртмалуу» бир абал. Себеби, бул жерде түшүндүрүлгөн теманы түшүнүү – бир адамдын «эки жерде эки канча», «канча жаштасың» сыяктуу суроолорго берчү жообундай жеңил. Же колундагы чыныдан суу ичип жаткан адамдын «сууну эмнеден

ичип жатасың» суроосуна бере турган жообу сыяктуу оңой. Себеби, булар – бүгүнкү илим тарабынан так далилденген чындыктар.

Медицина тармагында, мисалы, көздүн иштеши жөнүндө адис бир профессордон сурасаңыз, биз бул жерде түшүндүргөн теманын илимий тарабын бардык майда-чүйдөсүнө чейин түшүндүрүп бериши мүмкүн. Бирок, бул илимий чындыктардын негизинде чыккан апачык чындыкты кабыл ала албайт; «ооба, сүрөттөлүштөр менин мээмде пайда болуп жатат, сыртта эмне бар экендиги жөнүндө так бир нерсе айтуу мүмкүнчүлүгүнө ээ эмесмин» деп эч мойнуна ала албайт. Же ал инсанга барып «Ай каерде?» деп сурасаңыз, башын асманга буруп, «Ай миллиондогон километр бийикте» дейт. Бирок, «Ай чындыгында менин мээмдин ичинде» деп эч айта албайт. Муну түшүнбөгөн сыяктуу болуп көрүнөт. Себеби, бул чындыкты кабыл алуу, аны айтуу анын алдына абдан маанилүү бир чындыкты чагарат: Бардык нерселер мээде жаралган, ага көрсөтүлгөн элестерден гана турган болсо, анда бул элестерди ага көрсөткөн бир Жаратуучу бар.

Ооба, жылдар бойу билим алган, өзүнүн илим тармагында эң адис катары таанылган, балким ага көп адамдар ар кандай темада жардам сурап кайрылган, мээлүүлүгү менен мактанган бир адамдын да мынчалык ачык бир чындыкты аңдап түшүнө албашынын эң негизги себеби – дал ушул. Бул тема аларга динди эске салат. Аллахтын бар экендигин, Анын бардык нерселердин үстүндөгү чексиз кудуретин, бардык нерселердин жалгыз ээси экендигин эстетет. Ушул себептен шайтан тымызын инсандарды бул теманы ойлонбоого чакырат. Куранда Саба коомунун баянында **«Шайтан аларга кылгандарын кооз көрсөттү, ошентип аларды (туура) жолдон тосту; ошондуктан алар туура жолду (хидайат) таба алышпайт» (Немл Сүрөсү, 24)** айтылган сыяктуу инсандарды бул чындыктан шайтан тосууда.

Бул инсандар да шайтандын бул алдоосуна баш ийишүүдө жана алдыларындагы ачык чындыкты байкай албастан, уят болушууда. Бул адамдардын абалы - «кинодо көрүп жаткан көрүнүштөрдү чындап бар деп ойлогон», ал тургай кинодогу окуяларга кийлигишүүгө аракет кылган адамдын абалы сыяктуу. Же телевизордо көргөн бир тамакты чындык катары кабыл алып, аны кол сунуп алууга аракет кылган адамдан айырмасы жок. Бул темадан качууга аракет кылган инсандардын абалынын «өрнөк болуучу бир капылет абалы» экендиги талашсыз. Чындыгында бул капылет – Аллахтын баш тартуучуларга (каапырларга) берген акыл кемдигинин бир жыйынтыгы. Себеби, Куранда билдирилгендей, чындыктан баш тартуучулардын **«Жүрөктөрү бар, бирок аны менен аңдап-түшүнүшпөйт, көздөрү бар, бирок аны менен көрүшпөйт, кулактары бар, бирок аны менен угушпайт. Алар – айбандар сыяктуу, ал тургай андан да төмөн. Дал ушулар – капылет калгандар.» (Араф Сүрөсү, 179)**

Аятта берилген бул кабар – Курандын бир укмушу (мужизасы). Көптөгөн тармакта илимдүү болгон, илимдин техникалык тараптарын аңдап түшүнө алган, бирок заттын негизи (маңызы) менен байланыштуу бул апачык чындыкты ар тараптуу түшүндүргөнгө карабастан, түшүнбөгөн инсандардын бар экендигине Куран көңүл бурат. Муну менен байланыштуу башка бир аят мындайча:

**Шек жок, чындыктан баш тартуучуларды эскертсең да, эскертпесең да алар үчүн баары бир; ишенишпейт. Аллах алардын жүрөктөрүн жана кулактарын мөөрлөп койгон; көздөрүнүн үстүндө перделер бар. Жана чоң азап аларга болот. (Бакара Сүрөсү, 6-7)**

Аллах азыркы учурда бул теманы кээ бир адамдардын аңдап түшүнүүсүнө уруксат бербей жатат. Бирок, бүгүн чындыктардан качкан инсандардын бир канча жыл ичинде бул илимий чындыктын бүтүн дүйнөнү каптаарын билүүлөрү зарыл. Инсандар бул теманы, б.а. аларга көрсөтүлгөн элестүү бир

дүйнөдө жашап жаткандыктарын сөзсүз аңдап түшүнүшөт. Аллах Өзү белгилеген убакыт келгенде, инсандардын көздөрүндөгү пердени алып койот жана инсандарга эң жакын заттын Өзү экендигин, Анын Затынан башка бардык нерселердин «элестер» гана экендигин көрсөтөт. Инсандар заттын аркасындагы сыр менен байланыштуу бул чындыкты жана Куранда билдирилген бардык чындыктарды толугу менен түшүнүшөт.

# Жыйынтык

Бул жерге чейин түшүндүргөн темабыз – жашооңуз бойунча, сизге түшүндүрүлгөн эң чоң чындыктардын бири. Мындан аркысын өзүңүз чын көңүлдөн акыл жүгүртүү менен да таба аласыз. Ал үчүн ойуңузду топтоп, концентрация болуу менен айланаңыздагы буюмдарды кантип көрүп жатканыңыз жана аларга кантип колуңуз тийип жаткандыгы жөнүндө ой жүгүртүүңүз зарыл. Эгер жакшылап, терең ой жүгүртсөңүз, көргөн, уккан, тийген, ойлонгон жана ушул учурда бул китепти окуган акылдуу жандыктын (б.а., өзүңүздүн) рух гана экендигин жана бир перде сыяктуу нерсенин үстүндө «зат» деп атаган элестерди карап жатканыңызды сезе аласыз. Муну түшүнгөн инсан адамзаттын көпчүлүгүн алдаган заттык (материалдык) дүйнө ченеминен алыстап, чыныгы (бар) нерселер ченемине (деңгээлине) кирген болот.

Сөз кылынып жаткан бул чындыкты тарых бойунча кээ бир диндарлар же философтор түшүнүшкөн. Имам Раббани, Мухйиддин Араби, Мевлана Жами сыяктуу Ислам алимдери бул чындыкты Курандын ишараттары аркылуу жана акылдары менен табышкан. Джордж Беркелей сыяктуу кээ бир Батыш философтору болсо бул чындыкты акылдары менен аңдап түшүнүшкөн. Имам Раббани бардык заттык (материалдык) ааламдын бир «кыял жана элес» экендигин жана жалгыз абсолюттук Заттын Аллах экендигин *Мектубатында* мындайча баяндайт:

*Аллах... жараткан нерселеринин денелерин жоктуктан башка бир нерсе кылган жок... Бардык бул нерселерди сезим жана элес даражасында жаратты... Ааламдын бар болушу сезим жана элес даражасында болуп, материалдык даражада эмес... Чындыгында, сыртта (сырткы дүйнөдө) Улуу Заттан (Аллахтан) башкасы жок.*

Имам Раббани инсан көргөн бардык сүрөттөлүштөрдүн элестерден гана тургандыгын, «сыртта» бир оригиналынын жок экендигин да ачык айткан:

*Ал айлана кыялда сүрөттөлөт. Ал сүрөттөлгөн даражада көрүлөт. Бирок кыял көзү менен. Бирок, сыртта «баштагы көз менен көрүп жатам» деп түшүнүлөт. Чындыгында, абал андай эмес. Сыртта анын аты да, изи да жок. Ооба, көрүнө тургандай, андай нерсе жок. Күзгүгө чагылган бир адамдын жүзү да ушул сыяктуу. Себеби, анын сыртта бир туруктуу негизи жок. Албетте, анын туруктуулугу жана көрүнүшү: экөөсү тең КЫЯЛДА (ЭЛЕСТЕР). Сүбхан Аллах эң жакшы билүүчү.*

Бирок, бул чындыкты түшүнгөндөрдүн саны тарых бойунча дайыма саналуу болгон. Имам Раббани сыяктуу улуу алимдер бул чындыкты жалпы коомчулукка түшүндүрүүнүн залакалуу болушу мүмкүн экендигин, көп адамдардын муну түшүнө албастыгын жазышкан.

Азыркы биз жашап жаткан заманда болсо, бул чындык илим ортого койгон далилдер аркылуу түшүндүрүүгө мүмкүн абалга келди. Ааламдын бир көлөкө нерсе экендиги дүйнө тарыхында алгачкы жолу мынчалык так, ачык жана түшүнүүгө мүмкүн деңгээлде сөз кылынууда.

Ошондуктан, XXI кылым көптөгөн инсандар Илахий чындыктарды аңдап түшүнө турган жана адамдар жалгыз абсолюттук Зат болгон Аллахка топ топ болуп багыттала турган бир тарыхый бурулуш чекити болот. XXI кылымда XIX кылымдын материалисттик ишенимдери тарыхтын таштандысына ташталат, Аллахтын бар экендиги жана жаратуусу аңдап түшүнүлөт, мейкинсиздик, убакыттын жоктугу

сыяктуу чындыктар түшүнүлөт, адамзат кылымдар бойу көздөрүнүн алдына тартылган перделерден, алдамчылыктардан жана батыл (далилсиз, негизсиз) ишенимдерден кутулат.

Сөзсүз ишке аша турган бул нерсенин эч кайсы көлөкө жандык (нерсе) тарабынан токтотулушу мүмкүн эмес...

# УБАКЫТТЫН ЖОКТУГУ ЖАНА
# ТАГДЫР ЧЫНДЫГЫ

Бул жерге чейин түшүндүрүлгөндөрдүн негизинде, чындыгында «үч ченемдүү бир мейкиндиктин» жок экендиги, мунун толугу менен элестердин негизинде пайда болгон бир пикир (ой) экендиги жана бардык жашоонун «мейкинсиздик» ичинде болуп жаткандыгы ортого чыгат. Себеби, физикалык бир дүйнөнүн бар экендигине байланыштуу колдо ишенимдүү эч кандай далил жок. Ичинде жашап жаткан аалам – жарык жана көлөкө оюнунан түзүлгөн сүрөттөлүштөрдүн жыйындысы. Мунун тескерисин жактоо болсо акыл жана илимден алыс бир батыл (негизсиз) ишеним болот.

Бул абал китептин башында сөз кылынган материалисттик философиянын биринчи гипотезасын жокко чыгарат. Бул гипотеза – материянын (заттын) абсолюттук жана чексиз экендиги гипотезасы. Материалисттик философиянын экинчи гипотезасы болсо – убакыттын абсолюттук жана чексиз экендиги гипотезасы. Бул гипотеза да – биринчи гипотеза сыяктуу батыл (негизсиз) бир ишеним.

## Убакыт элеси

«Убакыт» деп аталган элес – чындыгында бир учурду башка бир учур менен салыштыруу ыкмасы гана. Муну төмөнкүдөй бир мисал менен түшүндүрүүгө болот. Бир нерсени урганыңызда андан белгилүү бир үн чыгат. Ошол эле нерсени беш минутадан кийин кайра урганыңызда дагы бир үн чыгат. Адам, биринчи үн менен экинчи үн арасында бир убакыт периоду өттү деп ойлойт жана аны убакыт деп атайт. Чындыгында болсо, экинчи үндү уккан убакта биринчи үн мээдеги бир элес гана болгон болот. Жалаң гана эсинде болгон бир маалымат. Адам эсиндегилерди жашап жаткан учур менен салыштыруу аркылуу убакыт элесине ээ болот. Эгер мындай салыштыруу болбосо, убакыт элеси да болбойт.

Ошол сыяктуу бир адам бөлмөгө эшиктен кирип, анан ал бөлмөнүн ортосундагы бир отургучка отурган адамды көргөндө салыштыруу жүргүзөт. Ал көргөн адам отургучка отурган убагы, анын эшикти ачышы, бөлмөнүн ортосун көздөй басышы менен байланыштуу сүрөттөлүштөр (элестер) мээде орун алган маалыматтар гана. Убакыт элеси отургучка отуруп жаткан адам менен бул маалыматтар арасында салыштыруу жасалуу менен пайда болот.

Кыскача айтканда, убакыт мээде (эсте) сакталган бир топ элестер арасында салыштыруу жүргүзүү менен пайда болууда. Эгер бир инсандын эске тутуу жөндөмдүүлүгү болбосо, мээси мындай жыйынтыктар чыгар албайт жана натыйжада убакыт элеси да жаралбайт. Бир адамдын «мен отуз жаштамын» деп айтышынын себеби – мээсинде ошол отуз жылга тиешелүү кээ бир маалыматтардын топтолушунун натыйжасы. Эгер эске тутуу жок болсо, аркасында мындай бир убакыт кесиндиси бар экендигин ойлонбойт, жалаң гана жашап жаткан бир көз ирмем учур менен жашайт. Бул нерсе абдан маанилүү.

## Убакыттын жок экендигинин илимий түшүндүрүлүшү

Бул тема бойунча ойчул жана илимпоздордун сөздөрүнөн мисал келтирүү менен теманы тереңирээк түшүндүрүүгө аракет кылалы. Нобель сыйлыгынын ээси, атактуу генетика профессору жана ойчул Франсуа Жакоб *Мүмкүндөрдүн ойуну* аттуу китебинде убакыттын тескери агышы менен байланыштуу мындай дейт:

*Тескерисинен көрсөтүлгөн фильмдер убакыт тескери аккан бир дүйнөнүн эмнеге окшой тургандыгын элестетүү мүмкүнчүлүгүн берет. Сүт чыныдагы кофеден бөлүнүп, сүт идишине жетүү үчүн абага уча турган бир дүйнө; жарык бөлүкчөлөрү бир булактан чыгуунун ордуна бир тузактын (тартылуу борборунун) ичинде топтолуу үчүн дубалдардан чыга турган бир дүйнө; сансыз суу тамчыларынын таң калыштуу чогуу аракети менен суунун сыртын көздөй ыргытылган бир таш бир адамдын колуна келүү үчүн бир ийри сызык бойунча уча турган бир дүйнө. Бирок убакыт тескери аккан мындай дүйнөдө мээбиздин процесстери жана эс тутуунун пайда болушу да ушул сыяктуу тескериге айландырылган болот. Өткөн чак жана келер чак үчүн да дал ушундай болот жана дүйнө бизге толугу менен азыркы көрүнүп жаткан сыяктуу көрүнөт.*

Мээбиз белгилүү бир катарга койуу ыкмасына көнгөндүктөн, азыркы учурда дүйнө жогоруда түшүндүрүлгөн сыяктуу иштеген жок жана «убакыт дайыма алдын көздөй агууда» деп ойлойбуз. Чындыгында болсо, бул – мээбиздин ичинде чыгарылган бир чечим жана ошондуктан, толугу менен салыштырмалуу бир нерсе. Эгер эс тутуубуздагы маалыматтар тескери көздөй ойнотулган фильмдердеги сыяктуу тизилсе, биз үчүн убакыттын агымы да тескери көздөй ойнотулган фильмдердеги сыяктуу болот. Мындай учурда өтмүштү келечек, келечекти болсо өтмүш катары кабылдап баштайбыз, жашообузду азыркынын тескериси болгон бир абалда жашайбыз.

Чындыгында, убакыттын кандай аккандыгын, же агып акпагандыгын эч качан биле албайбыз. Бул абал убакыттын абсолюттук бир чындык эмес экендигин, жалаң гана бир элес түрү экендигин көрсөтөт.

Убакыттын бир элес (сезим, кабылдоо) экендиги XX кылымдын эң ири физиги деп эсептелген Эйнштейн сунган *Жалпы салыштырмалуулук теориясы* менен да далилденген. Линкольн Барнетт *Аалам жана Эйнштейн* аттуу китебинде мындай дейт:

*Абсолюттук космос менен бирге Эйнштейн чексиз өтмүштөн чексиз келечекти көздөй аккан адашпаган жана өзгөрбөгөн бир универсалдуу убакыт теориясын да четке какты. Салыштырмалуулук теориясын түшүнбөстүктүн негизги себеби адамдардын убакыт сезиминин да түс сезими сыяктуу бир элес экендигин кабыл алгылары келбегендигинен пайда болууда... Космос заттык нерселердин ыктымалдуу катары болгон сыяктуу, убакыт да – окуялардын ыктымалдуу катары. Эйнштейндин төмөнкү сөздөрү убакыттын өзгөчөлүгүн эң жакшы түшүндүрөт: «Бир адамдын жашоосу бизге бир тизмектелген окуялардын ичинде курулган сыяктуу көрүнөт. Бул тизмектен эсибизге келген окуялар «мурдараак» жана «кийинчерээк» өлчөөсүнө жараша тизмектелген сыяктуу. Ушул себептен бир адам үчүн мен-убактысы, б.а., субъективдүү (жекече) убакыт бар. Бул убакыт өзүнчө өлчөнө албайт. Окуялар менен сандар арасында ушундай бир байланыш курамын, чоң бир сан мурдакы бир окуяга эмес, кийинки бир окуяга тиешелүү болот».*

Эйнштейндин бул сөздөрүнөн «убакыттын алдын көздөй аккандыгы» жөнүндөгү көз-караштын толугу менен бир шарттуу түшүнүк экендигин түшүнөбүз.

Эйнштейн Барнетт айткандай «космос жана убакыттын да бир сезим (элес) экендигин, түс, форма жана чоңдук түшүнүктөрү сыяктуу бул түшүнүктөрдү да аң-сезимден бөлүүнүн мүмкүн эместигин көрсөткөн». Жалпы салыштырмалуулук теориясы бойунча «убакыт да – аны өлчөгөн окуялардан сырткары өзүнчө, көз-карандысыз бар болгон бир нерсе эмес».

Убакыт бир элес (сезим) гана болгон болсо, анда ал – толугу менен кабыл алган (сезген) адамдан көз-каранды, б.а. салыштырмалуу түшүнүк.

Убакыттын агуу ылдамдыгы аны өлчөгөнүбүздө колдонгон инструментке жараша өзгөрөт. Себеби адамдын денесинде убакыттын агуу ылдамдыгын абсолюттук тактыкта өлчөй алчу табигый бир саат жок. Линкольн Барнетт айткан сыяктуу *«түстү айырмалай турган бир көз жок болсо, түс деген бир нерсе болбогон сыяктуу, убакытты көрсөтүүчү бир окуя жок болсо, бир көз ирмем, бир саат же бир күн сыяктуу түшүнүктөрдүн эч кандай мааниси жок болот.»*

Убакыттын салыштырмалуулугу түшүбүздө абдан даана байкалат. Түшүбүздө көргөндөрүбүздү бир топ саат болгондой сезгенибизде, кээде чындыгында бир канча секунда же минута гана уктаган болобуз.

Бул теманы жакшыраак түшүнүү үчүн төмөнкүдөй бир мисал берели. Атайын жасалган жалгыз терезелүү бир бөлмөдө кандайдыр бир убакыт калдыңыз дейли. Бөлмөдө бир саат болгон болсун. Ошондой эле, бөлмөнүн терезесинен күндүн белгилүү бир аралыктар менен чыгып, батып жатканын көргөн бололу. Арадан бир канча күн өткөндөн кийин, «бул бөлмөдө канча күн турдуңуз» деп суралса, бере турган жообуңуз саатка улам карап жана күндүн канча жолу чыгып, батканына карап топтогон маалыматыңызга жараша болот. Мисалы, бул бөлмөдө 3 күн болдум деп эсептедиңиз дейли. Бирок, эгер сизди бул бөлмөгө койгон киши келип, «чындыгында бул бөлмөдө эки күн турдуң» десе жана терезеден көргөн күндүн жасалма экендигин жана бөлмөдөгү саат атайын батыраак иштетилгендигин айтса, бул учурда сиз жасаган эсептин эч кандай мааниси калбайт.

Бул мисал да көрсөткөндөй, убакыттын агуу ылдамдыгы менен байланыштуу маалыматыбыз жалаң гана кабылдаган адамга жараша өзгөрмөлүү булактарга таянат.

Ушул сыяктуу убакыттын агуу ылдамдыгынын ар кандай шарттарда ар ким тарабынан ар кандай сезилиши да убакыттын психологиялык бир кабылдоо (сезим) экендигин далилдейт. Мисалы, бир досуңуз менен жолуга турган учурда анын 10 минутага кечигиши сиз үчүн түгөнбөстөй сезилген, абдан узак бир убакыттай сезилиши мүмкүн. Же эрте менен мектепке же жумушка баруу үчүн ойгонгон уйкусу канбай калган бир адам үчүн дагы бир 10 минуталык уйку абдан узак сезилиши мүмкүн, ал тургай ушул кыска убакытта уйкусунун көп бөлүгүн уктагандай сезиши мүмкүн. Кээде болсо мунун тескериси болот. Студенттик жылдарда 40 минуталык бир кылым сыяктуу сезилген бир сабактын аркасынан 10 минуталык бир танапис абдан бат өтүшү мүмкүн.

Убакыттын салыштырмалуулугу илим тарабынан да тастыкталган бир чындык. Эйнштейндин *Жалпы салыштырмалуулук теориясы* убакыттын ылдамдыгынын нерсенин ылдамдыгына жана тартылуу борборуна болгон алыстыгына жараша өзгөрөөрүн көрсөтөт. Ылдамдык өскөн сайын убакыт кыскарууда; жай өтүү менен «токтоо» чекитине жакындашууда.

Муну Эйнштейндин бир мисалы менен түшүндүрөлү. Бул мисалда, бирдей жаштагы эгиздердин бирөөсү Дүйнөдө калып, экинчиси жарык ылдамдыгына жакын бир ылдамдык менен космоско саякатка чыгат. Космоско чыккан адам кайтып келгенде, эгиз бир тууганы андан бир топ улгайган болот. Мунун

себеби – космосто саякатта жүргөн бир тууганы үчүн убакыттын жай агышы. Дагы бир мисал: ылдамдыгы жарык ылдамдыгынын 99%ына жакын болгон бир ракета менен космоско саякатка чыккан «бир атанын жашы 27, дүйнөдө калган уулунун жашы 3тө болсо, 30 дүйнө жылынан кийин ата дүйнөгө кайтканда, уулу 33 жашта, атасы болсо 30 жашта болот».

Убакыттын салыштырмалуу болушу сааттардын жайлашы же ылдамдышынан эмес; бардык материалдык системанын атомдон төмөнкү деңгээлдеги бөлүкчөлөргө чейин ар кандай ылдамдыктарда иштешинен келип чыгат. Убакыт кыскарган мындай чөйрөдө инсан денесиндеги жүрөктүн согушу, клеткалардын бөлүнүшү, мээнин иштеши сыяктуу процесстер жай иштеп калат. Натыйжада адам убакыттын жайлашын эч сезбестен, жашоосун уланта берет.

*Салыштырмалуулук теориясы* менен ортого койулган бул чындыктар көптөгөн илим адамдары тарабынан тастыкталып келүүдө. Бул теория менен байланыштуу Исаак Асимовдун жыйынтыгы мындайча:

*Эйнштейндин Салыштырмалуулук теориялары жарыкка чыккандан бери 84 жыл өттү. Бул убакыт ичинде теориялар бир канча жолу текшерүүдөн өттү жана Эйнштейн ар жолкусунда туура болуп чыкты.*

## Куранда убакыттын салыштырмалуулугу

Заманбап илимдин бул жетишкендиктери бизге көрсөткөн жыйынтык – убакыттын материалисттер ойлогондой, абсолюттук бир чындык эмес, салыштырмалуу бир элес (кабылдоо) экендиги. Эң кызыктуусу – XX кылымга чейин илим билбеген бул чындыктын мындан 14 кылым мурда түшүрүлгөн Куранда билдирилгендиги. Куран аяттарында убакыттын салыштырмалуу бир түшүнүк экендигин көрсөткөн түшүндүрмөлөр бар.

Заманбап илим тарабынан тастыкталган, убакыттын психологиялык бир кабылдоо экендиги, окуяга, чөйрөгө жана шарттарга жараша ар кандай кабылданышы мүмкүн экендиги жөнүндөгү чындыкты көптөгөн Куран аятында көрүүгө болот. Мисалы, бир инсандын жашоосу Куранда билдирилгени бойунча абдан кыска убакыт:

**Силерди чакыра турган күн Ага мактоо айтуу менен жоопココересиңер жана (дүйнөдө) абдан аз убакыт калдык деп ойлойсуңар. (Исра Сүрөсү, 52)**

**Күндүздүн бир саатынан башка эч өмүр сүрбөгөн сыяктуу аларды бир жерде топтой турган күндө алар бир-бирлерин таанышат... (Йунус Сүрөсү, 45)**

Кээ бир аяттарда болсо, инсандарга убакыттын алар ойлогондон кыска бир периоддо өтөөрү билдирилет.

**Айтты: «Жыл санагы менен жер бетинде канча болдуңар?» Айтышты: «Бир күн же бир күндүн бираз бөлүгүчөлүк болдук, эсептегендерден сура.» Айтты: «Аз (убакыт) гана болдуңар, чындыгында билген болгонуңарда.» (Мүмин Сүрөсү, 112-114)**

Башка кээ бир аяттарда убакыттын агуу ылдамдыгынын ар кандай чөйрөлөрдө ар кандай экендиги билдирилет:

**... Чындыгында, сенин Раббиңдин кабатында бир күн силер санап жаткан миң жыл сыяктуу. (Хаж Сүрөсү, 47)**

**Периштелер жана Рух (Жабраил) Ага узундугу элүү миң жыл болгон бир күндө чыгышат. (Мераж Сүрөсү, 4)**

**Асмандан жерге (чейинки) ар бир ишти Ал курчап жөнгө салат. Кийин (иштер) силер санап жаткан миң жылга тете бир күндө кайрадан Ага көтөрүлөт. (Сежде Сүрөсү, 5)**

Бул аяттар – убакыттын салыштырмалуу экендигинин абдан ачык баяны. Илим тарабынан XX кылымда гана жетишилген бул жыйынтыктын мындан 1400 жыл мурда Куранда билдирилиши – албетте, Курандын убакыт жана мейкиндикти толугу менен ороп-курчап турган Аллах түшүргөндүгүнүн бир далили.

Курандын дагы көптөгөн аяттарында колдонулган ыкма убакыттын кабылдоо гана экендигин ачык көрсөтөт. Өзгөчө баяндарда (кыссаларда) муну көрүүгө болот. Мисалы, Аллах Куранда баяндалган момундардын (мүмин) тобу болгон Кехф эхлин (үңкүр кишилерин) үч жүздөн ашык жыл бойу терең уйку абалында калтырган. Андан кийин ойготкондо, бул кишилер абдан аз убакыт уктадык деп ойлошкон, канча уктаганын биле алышкан эмес:

**Ушундайча үңкүрдө жылдар бойу алардын кулактарына урдук (терең бир уйку бердик). Кийин эки топтон кайсынысынын канча тургандыктарын жакшыраак эсептээрин көрсөтүү үчүн аларды ойготтук. (Кехф Сүрөсү, 11-12)**

**«Ушундайча, бири-биринен сурашсын деп аларды тирилттик (ойготтук). Араларынан бир сүйлөөчүсү айтты: «Канча турдуңар?» Айтышты: «Бир күн же күндүн бир (канча сааттык) бөлүгүнчөлүк турдук.» Айтышты: «Канча турганыңарды (болгонуңарды) Раббиңер жакшыраак билет...» (Кехф Сүрөсү, 19)**

Төмөнкү аятта баяндалган бир окуя да убакыттын чындыгында психологиялык бир кабылдоо экендигинин маанилүү бир далили.

**Же асты үстүнө айланган, эч ким жашабаган бир шаарга жолуккан сыяктууну (көргөн жоксуңбу?) Айтты эле: «Аллах бул жерди өлүмүнөн кийин кантип тирилтет болду экен?» Буга жооп катары Аллах аны жүз жыл өлүү абалда койду, кийин аны тирилтти. (Жана ага) Айтты:**

**«Канча болдуң?» Ал: «Бир күн же бир күндөн аз болдум» деди. (Аллах ага:) «Жок, жүз жыл болдуң (уктадың), бирок тамагыңды жана суусунуңду кара, али бузула элек; эшегиңди бир кара; сени инсандарга өрнөк-далил кылуубуз үчүн (муну мындай кылдык). (Эшектин) Сөөктөрдү кара кандайча аларды бириктиргенибизди, кийин аларга эт кийгизгенибизди? деди. Ага (кишиге) баары белгилүү болгондон кийин ал айтты: «(Эми) Чындыгында Аллахтын бардык нерсеге күчү жете турган экендигин билем.» (Бакара Сүрөсү, 259)**

Байкалгандай, бул аят убакытты жараткан Аллахтын убакыттан көз-карандысыз экендигине апачык басым жасоодо. Инсан болсо, Аллахтын ал үчүн белгилеп койгон убакыттан көз-каранды. Аяттан байкалгандай, инсан канча уктаганын билүүгө да дарамети жетпейт. Демек, (материалисттердин туура эмес түшүнүгүндө болгон сыяктуу) убакыттын абсолюттук экендигин айтуу акылга эч сыйбайт.

## Тагдыр

Убакыттын салыштырмалуу экендиги бизге абдан маанилүү бир чындыкты көрсөтөт: Бул салыштырмалуулук ушунчалык ар кандай болгондуктан, биз үчүн миллиарддаган жылдарга тете убакыт башка ченемде бир секунда гана болушу мүмкүн. Ал тургай, ааламдын башынан аягына чейин өткөн абдан узун убакыт, башка бир ченемде бир секунда да эмес, бир «көз ирмем (замат)» болушу мүмкүн.

Көптөгөн адамдар түшүнө албаган, материалисттер болсо такыр түшүнө албастан, баш тарткан тагдыр чындыгынын негизи дал ушул чындык менен байланыштуу. Тагдыр – Аллахтын өтмүш жана келечектеги бардык окуяларды билиши. Адамдардын көпчүлүгү «Аллах али жашала элек окуяларды алдын ала кантип билет» деп сурашат жана тагдыр чындыгын түшүнө алышпайт. Чындыгында болсо, «жашала элек окуялар» - биз үчүн жашала элек окуялар. Аллах болсо убакыт жана мейкиндиктен көз-каранды эмес, бул түшүнүктөрдү Ал жараткан. Ошондуктан, Аллах үчүн өтмүш, келечек жана азыркы учур баары бир жана баары жашалып, бүткөн.

Линкольн Барнетт *Жалпы салыштырмалуулук теориясынын* бул чындыкка кандайча ишарат кылгандыгына *Аалам жана Эйнштейн* аттуу китебинде токтолот. Барнеттин ойу бойунча, нерселерди (материяны, жандыктарды) толугу менен «абдан улук космостук бир акыл» гана аңдап түшүнө алат. Барнетт «космостук акыл» деп атаган Эрк (Күч) – бүтүндөй ааламдарга өкүмдарлык кылган Аллахтын илими жана акылы. Биз бир сызгычтын башын, ортосун, аягын жана араларындагы бардык бөлүктөрүн бир бүтүн катары (толугу менен) оңой гана көрө алганыбыз сыяктуу, Аллах да биз көз-каранды болгон убакытты башынан аягына чейин бир көз-ирмем (учур) катары билет. Инсандар болсо окуяларды убактысы келгенде гана жашап, Аллахтын алар үчүн жараткан тагдырына күбө болушат.

Бул жерде коомдо кеңири таралган туура эмес тагдыр түшүнүгүнө да токтоло кетүү керек. Бул туура эмес тагдыр түшүнүгүндө Аллахтын инсандарга бир «маңдайга жазып» белгилеп койгону бар, бирок алар (адамдар) кээде буларды өзгөртө алаары сыяктуу батыл (негизсиз) бир ишеним бар. Мисалы, өлүмдөн калган бир оорулуу жөнүндө караңгылык менен «тагдырын жеңди» сыяктуу сөздөрдү айтышат. Чындыгында болсо эч ким тагдырын өзгөртө албайт. Өлүмдөн кайткан киши тагдырында өлүмдөн кутулуу жазылгандыгы үчүн өлбөй калган болот. «Тагдырымды жеңдим» деп айтуу менен өздөрүн

алдаган бул сөздөрдү айтышы жана мындай ойлорго кабылышы да тагдырында бар. Аятта **«... Өмүр сүргөнгө өмүр берилиши жана анын өмүрүнөн кыскартылышы да сөзсүз бир китепте (жазылуу). Чындыгында, бул – Аллах үчүн жеңил.» (Фатыр Сүрөс, 11)** деп айтылуу менен булардын баарынын тагдырда бар экендиги чындыгына көңүл бурулат. Себеби, тагдыр – Аллахтын илими жана бардык убакытты бир эле учурда билген жана бардык убакыт жана мейкиндикке ээ (өкүмдар) болгон Аллах үчүн бардык нерсе тагдырда жазылган жана бүткөн.

Аллых үчүн убакыттын бир эле учур экендигин Куранда колдонулган баяндоо ыкмасынан да түшүнүүгө болот; биз үчүн келечекте боло турган кээ бир окуялар Куранда мурда эле болуп өткөн окуялар сыяктуу баяндалат. Мисалы, акыретте инсандардын Аллахка бере турган эсеби жөнүндөгү аяттар бул окуяны мурда эле болуп бүткөн окуя сыяктуу баяндайт:

**Суръа (сур) чалынды, ушундайча Аллах каалагандан башка асмандарда жана жерде болгондор сүзүшүп-кулашты. Кийин ал дагы бир жолу чалынды, эми алар буттарында туруп карап турушат. Жер Раббиңдин нуру менен жаркырады; китеп койулду; пайгамбарлар жана күбөлөр алып келинди жана араларында чындык (адилеттик) менен өкүм чыгарылды... (Чындыктан) Баш тартуучулар тозокко бөлүк бөлүк айдалышты... Коркуп- корунгандар болсо бейишке бөлүк бөлүк киргизилди. (Зүмер Сүрөсү, 68-73)**

Ушул сыяктуу башка көптөгөн мисалдар төмөнкүлөр:

**(Эми) Ар бир напси жанында бир айдоочу жана бир күбө менен бирге келди. (Каф Сүрөсү, 21)**

**Жана сабыр кылгандыктары үчүн бейиш менен жана жибек менен сыйланышты. Ал жерде тактылар үстүндө жастанып-сүйөнүшкөн. Ал жерде (куйкалаган ысык) күн жана (тоңдурууочу) суук көрүшпөйт. (Инсан Сүрөсү, 12-13)**

**Көрө алгандар үчүн тозок да көрсөтүлүп койулган. (Назиат Сүрөсү, 36)**

**Эми бүгүн ыйман келтиргендер каапыр болгондорго күлүп жатышат. (Мутаффифин Сүрөсү, 34)**

**Кылмышкер-күнөөкөрлөр отту көрүштү, эми (анын) ичине киришээрин да түшүнүштү; бирок андан качуунун эч жолун таба алышпады. (Кехф Сүрөсү, 53)**

Байкалгандай, биз үчүн өлүмүбүздөн кийин жашала турган бул окуялар Куранда жашалган жана бүткөн окуялар катары баяндалууда. Себеби, Аллах биз көз-каранды болгон салыштырмалуу убакыт ченемине көз-каранды эмес. Аллах бардык окуяларды убакыт жоктукта каалаган, адамдар аларды жасаган жана бардык бул окуялар жашалып, аягына чыккан. Кичине, чоң ар кандай окуялардын

бардыгынын Аллахтын билүүсү менен ишке ашаары жана бир китепте жазылуу болгондугу чындыгы жөнүндө төмөнкү аятта кабар берилет:

**Сен ичинде болгон ар кандай абал, Ал жөнүндө Курандан окуган бир нерсе жана силер жасаган ар кандай иш болсун, силер ал ишке (абдан) берилип жасап жатканыңарда, Биз силердин үстүңөрдө күбө болуп турабыз. Жерде жана асманда тырмактай болгон эч бир нерсе Раббиңден алыста (жашыруун) калбайт. Мындан кичинекейирээги да, чоңураагы да баары китепте (жазылуу). (Йунус Сүрөсү, 61)**

# Ишенгендердин (ыйман келтиргендердин) утугу

Материянын (заттын) чындыгы жана убакыттын жоктугу жана мейкинсиздик темалары каралган бул бөлүмдөгүлөр чындыгында абдан ачык чындыктар. Мурдараак да айтылгандай, булар – эч кандай бир философия же бир көз-караш эмес, баш тартууга мүмкүн болбогон илимий чындыктар. Илимий чындык болушунан сыркары, акылга таянган жана логикалык далилдер да бул темада башка альтернатива жок экендигин көрсөтүүдө: Аалам – аны түзгөн материялар (заттар) жана ичиндеги адамдар жана убакыт менен бирге элестерде (сүрөттөлүш) болгон бир нерсе. Б.а., элестердин (кабылдоолордун, сүрөттөлүштөрдүн) жыйындысы.

Материалисттер бул чындыкты түшүнүүдө кыйынчылыкка кабылышат. Материалисттердин бул чындыкты түшүнө албагандыгынын себеби болсо – алар түшүнүшкөндө кабыла турган чындыктан (көңүлдөрүндө) абдан коркуулары. Линкольн Барнетт бул теманы «сезүүнүн» эле материалист илимпоздорду канчалык коркуу жана кооптонууга алып келээрин мындайча баяндайт:

*Философтор бардык заттык чындыктарды элестердин бир көлөкө дүйнөсү абалына алып келип жатышканда, илимпоздор адам сезимдеринин чектерин коркуу жана кооптонуу менен сезишти.*

Материянын жана убакыттын бир элес экендиги жөнүндөгү чындык материалисттерди коркутса, ыйман келтиргендерге тескери таасир берет. Аллахка ыйман келтирген инсандар материянын аркасындагы сырды түшүнүшкөндө, чоң кубанычка бөлөнүшөт. Себеби, бул чындык – ар кандай суроолордун ачкычы. Бул кулпу ачылган убакта бардык сырлар ачыкка чыгат. Адамдар балким түшүнө албай жаткан көптөгөн суроолорун бул чындык жардамы менен оңой гана түшүнүшөт.

Натыйжада, мурда да айтылгандай, өлүм, бейиш, тозок, акырет, ченем (абал) өзгөрүшү, түбөлүктүүлүк (чексиздик) сыяктуу темалар түшүнүлгөн болот жана «Аллах каерде?», «Аллахтан мурда эмне бар эле?», «Аллахты ким жаратты?», «Кабыр жашоосу канчага созулат?», «Бейиш жана тозок каерде?», «Бейиш жана тозок азыр барбы?» сыяктуу маанилүү суроолордун жообу оңой гана табылган болот. Жана Аллахтын бардык ааламды кандай бир системада жоктон бар кылып жараткандыгы аңдап түшүнүлөт. Ал тургай, бул сыр жардамы менен «качан» жана «каерде» сыяктуу суроолор маанисин жоготот. Себеби, убакыт жана мейкиндик деген түшүнүктөр жок болууда. Мейкинсиздик түшүнүлгөндө, бейиш, тозок, дүйнө - баарынын чындыгында бир эле жерде экендиги түшүнүлөт. Убакытсыздык түшүнүлгөндө, бардык нерсенин бир учурда болуп жаткандыгы түшүнүлөт; эч бир нерсени күтүүнүн зарылдыгы жок, убакыт өтпөйт, бардык нерселер (окуялар) ансыз деле болуп бүткөн. Б.а., түбөлүктүүлүк (түбөлүк, чексиз жашоо) чындыгында башталды.

Бул сырды түшүнүү менен бирге дүйнө ыйман келтирген инсан үчүн бейишке окшоп баштайт. Адамды сыккан ар кандай материалдык кооптонуу жана коркуулар жоголот. Муну түшүнгөн адам бүт ааламдын жалгыз гана Ээси бар экендигин, Анын бардык материалдык дүйнөнү каалагандай жараткандыгын жана адамга түшкөн жалгыз милдеттин Ага мойун сунуу, бардык нерсени Андан суроо керек экендигин аңдап түшүнөт. Эми ал адам **«ар түрдүү көз-карандылыктан эркиндикке жетүү менен» (Ал-и Имран Сүрөсү, 35)** Аллахка бай ийген болот. Бул сырды түшүнүү – бул дүйнөдөгү эң чоң утуш, ийгилик.

# ТҮБӨЛҮК ЖАШОО БАШТАЛДЫ

## Аллахтын чексиз эс тутуму жана инсандын чектүү эс тутуму

Китеп бойунча түшүндүрүлгөн сыяктуу биз 5 сезүү органыбыз менен сезебиз жана жашайбыз. Беш сезүү органыбыз мүмкүндүк берген нерселерди сезебиз (кабылдайбыз), мунун сыртына эч качан чыга албайбыз. Ичинде жашап жаткан убакыт жана мейкиндикти да ушундай жол менен кабылдайбыз. Мээбиз 5 сезүү органы менен бир нерсени сезе (кабылдай) албаса, аны «жок болду» дейбиз. Ушуга жараша эс тутумубуз кайсы окуяны, көрүнүштү же элести сактап калса, ал биз үчүн бар, б.а., тирүү, эмнени унуткан болсо ал биз үчүн жок. Башкача айтканда, эсибизде жок нерселер жана окуялар биз үчүн өлгөн, өтүп кеткен, жок болгон.

Бирок бул – жалаң гана адамдарга тиешелүү абал; себеби адамдардын эс тутуму гана чектүү. Аллахтын эс тутуму болсо бардык нерседен өйдө, чексиз жана түбөлүктүү. Бул жерде төмөнкүгө токтолуу зарыл: «Аллахтын эс тутуму» түшүнүгүнүн колдонулушу жалаң гана бул теманы түшүнүү максатында колдонулууда, чындыгында эки эс тутум (Аллах жана инсан эс тутуму) арасында эч кандай салыштыруу же окшоштуруу жасоо эч мүмкүн эмес. Аллах – бардык нерселерди жоктон бар кылып жараткан жана бардык нерсени эң майда-чүйдөсүнө чейин билүүчү.

Аллах Куранда Өзүн кээ бир сыпаттары аркылуу тааныткан. Булардын бири – Хафыз, б.а. «жасалган бардык иштерди майда-чүйдөсүнө чейин кармоочу, сактоочу» сыпаты жана бул сөздүн артында абдан маанилүү сырлар жашырылган.

## «Левх-и Махвуз»

Аллах кабатында бардык нерсе бир учурда гана болуп бүткөн. Аалам жаралгандан бери ишке ашкан бардык окуялар ушул бир учурга батууда. Жана бул учурга тиешелүү бардык маалыматтар Аллах кабатында бир «Китепте» сакталууда. Куранда Левх-и Махвуз деп аталган «Негизги Китепте» бардык нерсенин маалыматы бар экендиги айтылат:

**Шек жок, ал – Биздин кабатыбызда болгон Негизги Китепте; абдан бийик, өкүм жана хикмат (терең акыл) толо. (Зухруф Сүрөсү, 4)**

**...Китептин негизи (энеси) Анын кабатында. (Рад Сүрөсү, 39)**

**...Кабатыбызда (булардын баарын) сактап-коруган бир китеп бар. (Каф Сүрөсү, 4)**

**Асманда жана жерде апачык болгон китепте (Левх-и Махвузда) орун албаган жашыруун эч нерсе жок. (Немл Сүрөсү, 75)**

**(Алдыларына) Китеп койулду; эми кылмышкер-күнөөкөрлөрдүн анда (ал китепте) болгондор себебинен катуу коркууга кабылгандарын көрөсүң. Айтышты: «Азаптар бизге, бул китепке эмне болуп жатат, кичине-чоң дебей баарын санап-төгүүдө?» Жасап-кылгандарын (алдыларында) даяр табышты. Раббиң эч кимге зулумдук кылбайт. (Кехф Сүрөсү, 49)**

Аллах башка аяттарында дүйнөдө инсандар башынан өткөргөн бардык окуяларды, акылдарынан өткөн бардык ойлорун, баштарына келген бардык нерселердин бул китепте экендигин мындайча кабардайт:

**Жер жүзүндө болгон жана силердин напсиңерде пайда болгон ар кандай нерселердин (окуялардын) баарын Биз жаратуудан мурда бир китепте (жазып) койгонбуз. Шек жок, бул – Аллах үчүн абдан жеңил. (Хадид Сүрөсү, 22)**

Аалам жаратылгандан бери бар болгон жандуу, жансыз бардык нерселер, ишке ашкан бардык окуялар Аллах тарабынан жаратылууда жана ошондуктан Ал баарын билет; б.а., булардын баары - «Аллахтын эс тутумунда». Левх-и Махвуз да – Аллахтын Хафыз сыпатынын бир көрүнүшү.

Булардын негизинде алдыбызга абдан маанилүү бир чындык чыгууда: Аллахтын эс тутуму - түбөлүктүү, демек анда (Аллахтын эсинде) бар болгон эч нерсе жоголбойт. Башкача айтканда, Аллах жараткан эч бир жандык өлүп жок болбойт, эч бир гүл соолуп жок болбойт, эч бир суусундук түгөнбөйт, эч кайсы убакыт өтпөйт, эч бир тамак түгөнбөйт... Аллах ар бир учурда жаратууда жана бардык нерсе – эзелде (башында) жаратылган жана «түбөлүктүүлүккө ширелген».

## «Түбөлүктүүлүккө ширелген» - деген эмне?

Муну мындай түшүндүрүүгө болот: Ар бир нерсе жана окуя жаратылган учурда чындыгында ал үчүн түбөлүктүүлүк башталган болот. Мисалы, бир гүл жаратылганда, чындыгында жок болбой турган болуп жаратылган. Бул жандыктын же нерсенин адамдын элесинен чыгышы (адамдын аны көрбөй калышы), адамдын эс тутумунан (эсинен) өчүрүлүшү (чыгарылышы) – ал жок болду, өлдү маанисине келбейт. Аллахтын эсиндеги, Аллахтын кабатындагы абалы – маанилүү. Жана Аллахтын эсинде – бул жандыктын бар болушу да, жашоосу бойунча башынан өткөргөн абалдары да, өлүмү да бар.

Аллах жоктон бар кылып жараткан бардык нерсени түбөлүктүү кылып жараткан. Бар болгон нерселер үчүн түбөлүк жашоо башталган болот. Муну жакшы түшүнүү үчүн нерселер жана окуялар жөнүндө бирден бирден, жакшылап ой жүгүртүүдө пайда бар. Бирок бул мисалдарга өтүүдөн мурда бир нерсеге токтолуу зарыл: Бул жерде түшүндүрүлгөндөр – шек жок адамдын жашоосунда жолуга турган эң чоң илимдердин бири. Түбөлүктүүлүк түшүнүгү менен байланыштуу бул чындыктарды көп адамдар биринчи жолу угуп, биринчи жолу ойлонуп жаткан болушу мүмкүн. Эң маанилүү нерсе мындай: Аллах Куранда жалаң гана **«чын көңүлдөн Аллахка багытталган» (Каф Сүрөсү, 8)** адамдардын кеңеш (сабак) ала билээрине көңүл бурат. Б.а., чын жүрөктөн Аллахтан жардам сураган, Анын чексиз

кудуретин түшүнүүгө аракет кылган, Раббисинин улуулугун аңдап-түшүнүү үчүн аракет кылган инсандар бул жерде түшүндүрүлгөн чындыктардан да сабак алышат жана бул чындыктарды аңдап-түшүнүп башташат.

## Түбөлүктүүлүк ичинде адамдар

Аллахтын Халык ысмы – «Бардык нерсенин бар болушу, жана бар болуусу бойунча көрүп башынан өткөрө турган абалдары, окуяларды дайындаган жана белгилеген, жана ошого ылайык жараткан, жоктуктан бар кылган» маанисине келет. Аллах Халык сыпаты менен адамдарды башында апасынын курсагында кезинде жаратқандан баштап, алар үчүн түбөлүктүүлүк башталган. Инсан апасынын курсагында башынан өткөргөн өнүгүү (чоңойуу) этаптарын албетте эстей албайт, бирок мунун ар бир кадры (элеси) Аллах кабатында бар жана эч качан жоголбойт. Ошол сыяктуу инсандын алгачкы бөбөк кези жана чоңойуу этаптары да инсандын эсинен өчүрүлөт. Инсан Аллах көрсөтмөйүнчө, бул кадрларды көрө албайт, кээ бирлерин болсо жалаң гана бир эсиндеги окуя катары билет. Жашап жаткан учурундагы көргөн нерселер болсо – ага сездирилген (көрсөтүлгөн) элестер гана. Бирок, Аллахтын түбөлүктүү эсинде бардык нерсе кандай болсо, ошол бойдон турат. Инсандар башынан өткөргөн окуялар жана жашоолорундагы ар кандай майда-чүйдөлөр Аллах тарабынан жаратылган жана эч бири жок болбойт. **«... Бул – Аллахтын асмандарда жана жерде эмне бар болсо баарын билээрин жана Аллахтын чындыгында бардык нерсени билүүчү экендигин билүүңөр үчүн.» (Маиде Сүрөсү, 97)** аятында билдирилгендей, эң кичинекей детальга чейин бардык нерсе Аллах кабатында сакталат.

Мисалы, Аз. Адамды ала турган болсок; Адам пайгамбардын дүйнөгө жөнөтүлүүдөн мурун бейиште жаратылышы, ал жерде сыналышы менен байланыштуу бардык майда-чүйдөлөр (детальдар) Аллах кабатындагы Негизги Китепте турат. Аллахтын Адамды ылайдан жараткан абалы да, периштелердин Аз. Адамга сежде кылышы да, анын бейиштен чыгарылышы да, дүйнөгө жөнөтүлгөн учур да, дүйнөдө башынан өткөргөн окуялар да бардык майда-чүйдөлөрү менен бирге жандуу абалда турат. Эч бири жок болгон эмес, эң кичине майда-чүйдөсүнө чейин бардык нерсе азыр Аллах кабатында жандуу абалда бар.

Башка бир мисал катары, абдан жакшы көргөн мышыгы өлүп калганы үчүн капаланып жаткан бир адамды элестетиңиз. Чындыгында ал адамдын мышыгынын өлүм учурундагы абалы да Аллах кабатында түбөлүк турган сыяктуу, ал мышыктын кичинекей кезиндеги эң сүйкүмдүү көрүнүшү да, туулгандан ал убакка чейин башынан өткөргөн бардык абалдары да Аллах кабатында жандуу абалда бар. Ошондой эле, мышыктын ээси жумушта жүргөн же жанында эмес кезинде көрбөй калган абалдары да Аллах кабатында жандуу абалда сакталуу. Ошондуктан, эч бир нерсе өлүп жок болбойт. Баары Аллах кабатында бардык абалдары менен бирге жандуу абалда түбөлүк турушат.

Ошол сыяктуу Аз. Сулаймандын Куранда айтылган атынын бутун сылоо учуру түбөлүк Аллах кабатында турууда. Андан кийин аттардын перде артында жоголушу, артынан Аз. Сулаймандын Саба Маликасына кат жөнөтүшү, каттын Малика жана жанындагы аскерлер тарабынан окулган учуру, Маликанын Аз. Сулаймандын сарайына келиши жана сарайдын түбүн «терең бир суу» элестетиши, жана

ошол тушта **«Мен Сулайман менен бирге ааламдардын Рабби болгон Аллахка баш ийдим» (Немл Сүрөсү, 44)** деп айтышы азыр дагы эле бар жана түбөлүккө чейин бар болот.

Бул мисалдар жөнүндө дагы тереңирээк ой жүгүртөлү жана тереңирээк карайлы. Аз. Нух убагында бир адамдын көйнөгү сөгүлгөндүгүн жана кийинчерээк аны бир тигүүчүнүн тигип бергендигин элестетели. Ал адамдын көйнөгү, бул көйнөк жасалган тигүү жери, андан кийин көйнөктүн сөгүлгөндөн мурдакы абалы жана кайра тигилгенден кийинки абалы, ал тургай ал көйнөктү тиккен тигүүчүнүн көйнөктү тигүү үчүн колдонгон ар бир секунда, кийинчерээк бул көйнөктүн такыр колдонулбас абалга келиши, кыскача айтканда, көйнөктүн нерселер (бар болуу) ааламына келген учурунан баштап, өткөргөн ар бир этабы, ар бир секунда, ар бир учур Аллах кабатында сакталууда. Ал көйнөк азыр дагы эле тигүүчүдө токулууда, ал көйнөк азыр тигилүүдө жана ал көйнөк азыр дагы эле Аз. Нух учурундагы ээси тарабынан кийилүүдө.

Үйүңүздөгү эски саат жөнүндө ой жүгүртөлү. Ал сааттын мындан 200 жыл мурун жасалуу этаптары, сааттын ичинде колдонулган жалгыз бир кылдын жасалуу этаптары, сааттын сыртынын ичине койулушу, кийинчерээк бул сааттын бир дүкөндө сатылышы, анын бир кардар тарабынан сатып алынышы, кийин бул саат бузулуп бир адамга берилиши, сиздин чоң атаңыздын чоң атасынын бул саатты сатып алышы, ал сааттын чоң атаңызга, анан атаңызга жана кийин сизге мураска калышы, сиздин ал саатты үйүңүздүн сонун бир бурчуна койушуңуз, кийин анын маңдайына туруп, «кандай сонун турат» деп ойлошуңуз, кыскача айтканда, ал саат менен байланыштуу алгач жаралгандан баштап, (жүздөгөн жыл) учур учур ишке ашкан ар бир окуя Аллах кабатында турат. Ал саат азыр иштеп жатат, ошондой эле ал саат азыр бузулду, ал азыр сиз тарабынан бурчка койулууда жана ал саат азыр сиздин чоң атаңыздын чоң атасы тарабынан сатып алынууда. Булардын баары эч кемчиликсиз Аллахтын эсинде бар. Ал тургай, бул эски сааттын жалаң гана өтмүшү эмес, мындан кийин өткөрө турган, бирок сиз билбеген үчүн сиз үчүн келечекте ишке аша турган ар кандай окуя да Аллах кабатында белгилүү жана сакталууда. Ал сааттын мындан 40 жылдан кийин сиздин уулуңуздун үйүнүн ылайыктуу бир жерине койулушу да, ал сааттын мындан 300 жылдан кийин толугу менен чирип бузулушу да жана адамдардын көзүнөн алысташы да Негизги Китепте жазылуу.

Бир аятта **«Ал алдыларындагыны да, аркаларындагыны да билет. Алар болсо билүү жагынан Аны аңдап түшүнө алышпайт» (Таха Сүрөсү, 110)** деп айтылуу менен Аллахтын бул илимине да көңүл бурулууда. (Эң туурасын Аллах билет). Себеби Аллах ар бир нерсенин учур учур, мурда-кийинин, б.а., аяттагы баян менен «алдыларындагыны да, аркаларындагыны да» ар бир этабы менен билет. Аятта **«Шек жок, жерде жана асманда Аллахка эч нерсе жашыруун калбайт» (Ал-и Имран Сүрөсү, 5)** деп айтылуу менен бул чындык дагы бир жолу эске салынууда.

## Бардык окуялар «ушул учурда» ишке ашууда!

Аллах кабатында бардык окуялардын бир учурда ишке ашаарын төмөнкүдөй мисал менен түшүндүрүүгө болот: Көз алдыңызда бир шаардын сүрөтү турат дейли. Сүрөттө шаардын көчөлөрү, бул көчөлөрдө жүрүп бараткан машиналар, үйлөр жана адамдар тартылган болсун. Жана ушул сүрөттө шаардын бир башынан экинчи башына баруу үчүн жолго чыккан бир адамдын сүрөтү тартылды деп

элестетиңиз. Бул адам үчүн шаардын бир башынан экинчи башына чейин белгилүү бир алыстык бар жана тигил башына жетүү үчүн ал адамга белгилүү бир убакыт зарыл. Бул адам азырынча так билбеген белгилүү бир убакыт аралыгында гана бара турган жерине жете алат. Бир эле учурда эки жерде болушу мүмкүн эмес. Бирок мындай абал бул сүрөттү сырттан карап турган бир адам үчүн мындай эмес. Сиз сүрөттү караганда, бир эле учурда шаардын бир башынан экинчи башына чейин баарын көрө аласыз, бул үчүн убакытка да муктаж эмессиз.

Бул мисал – белгилүү бир ченемде жашап жаткан инсандар-бизге да тиешелүү. Биз үчүн бир жерден башка бир жерге жетүү белгилүү бир убакыттын өтүшү жана энергия сарптоо менен гана мүмкүн болот. Бирок бардык бул ченемдерди жараткан жана бардык бул нерселердин үстүндө, бардык кемчиликтерден көз-карандысыз болгон Аллах үчүн Ал жараткан аалам жана анын ичиндеги дүйнөдө болуп жаткан бардык окуялар бир эле учурда ишке ашат.

Экинчи маанилүү чындык болсо – бул бардык окуялардын баарынын чогуу бир эле убакта ишке ашып жатышы. Себеби, мурда да айтылгандай Аллах кабатында убакыт жок, бардык нерсе бир учурда ишке ашып, бүтүүдө.

Адам пайгамбар чындыгында азыр (ушул учурда) ылайдан жаратылууда, азыр периштелер Аз. Адамга сежде кылышууда, азыр Аз. Адам бейиштен чыгарылды жана дүйнөгө жөнөтүлдү. Бул жерде колдонулган «азыр» сөзү ушул секунда, б.а. сиз ушул саптарды окуп жаткан учурду түшүндүрөт.

Муну жакшыраак түшүнүү үчүн дагы бир мисал берели; Аз. Муса жөнүндө ой жүгүртөлү. Анын апасынын Аз. Муса бөбөк кезинде сандыктын ичине койуп сууга агызган учуру дагы эле бар, ал абал жоголгон эмес жана түбөлүк бар болот. Аллах кабатында Аз. Мусанын Фараонго барып, аны туура жолго чакыруу учуру азыр деле бар жана чындыгында азыр Аз. Муса Фараондун маңдайында турат, бирок ошол эле учурда азыр Аз. Муса Ыйык Өрөөн Тувада Аллахтан вахий алууда жана азыр Аз. Муса жанындагы Исраил уулдары менен бирге Фараондун адамдарынан алыстоодо, азыр Муса пайгамбар асасы менен деңизди урууда жана деңизди экиге бөлүүдө жана деңиздин жарылышы түбөлүк Аллахтын эсинде (эс тутумунда) бар болот.

Аз. Мерйемдин Аз. Исага кош бойлуу болушу, курма дарагынын түбүндө аны төрөшү, кийин коомуна кайтып келиши жана Аз. Исанын бешиктеги кезинде коомундагы адамдар менен сүйлөшүүсү, кийинчерээк Аз. Исанын хаварийлеринен (жардамчыларынан) **«Аллах кабатында менин жардамчыларым кимдер?» (Сафф Сүрөсү, 14)** деп сурашы жана Аз. Исанын Аллах кабатына көтөрүлүшү да сиз жашап жаткан ушул учурда ишке ашууда. Бизге билдирилген өтмүштөгү окуялар гана эмес, өтмүштөгү бизге билдирилбеген окуялар жана келечекте боло турган биз али билбеген окуялар да – чындыгында ушул учурда. Аз. Исанын жашоосу бойунча башынан өткөргөн ар бир секунда, хаварийлерине Аллахтын динин баяндашы, Аллах белгилеген бир убакытта жер жүзүнө кайра жөнөтүлүшү, адамдарды Куранга чакырышы жана ал тургай бул чакырыгы (таблиг) учурунда сүйлөгөн ар бир сөзү, кийин өлүшү жана эсеп күнү тирилтилиши, бейиштин киришинде периштелер тарабынан «Салам» сөздөрү менен тосуп алынышы да чындыгында дал ушул учурда (азыр) ишке ашууда.

Бул нерсе мындан 3000 жыл мурун жашаган бир адамга да тиешелүү. Б.з.ч. 3000-жылдарда түш убагында бир дарактын астында отуруп табиятты тамаша кылган адамдын колуна бир көпөлөктүн конушу, ал адамдын ал көпөлөктү анализдеп карап, Аллахты макташы, ал көпөлөктүн учуп кетиши, ал

көплөктүн жаралгандан баштап жашоосу бойунча бардык абалдары Аллах кабатында сакталган жана ошондуктан баары бир учурда, б.а. сиз бул саптарды окуп жаткан ушул учурда ишке ашууда.

Бардык бул мисалдар көрсөткөн чындык төмөнкүдөй: Эч бир учур, эч бир кадр, эч бир окуя, эч бир нерсе жок болгон эмес жана жок болбойт да. Телевизордо биз көргөн бир фильм, фильм кассетасында сакталуу, ар кандай кадрлардан турган болсо жана бул кадрларды биздин көрбөшүбүз «алар жок» деген мааниге келбеген сыяктуу, биз «өтмүштө жашалган» же «келечекте жашала турган» деп атаган окуялар да - «жок» эмес, ушул учурда бар.

Бирок муну туура түшүнүү – абдан маанилүү. Бул сахналардын (кадрлардын) эч бири – бир эсте калган окуя же эскерүү же кыял сыяктуу эмес. Булардын баары – учурда сиз жашап, сезип жаткан учур сыяктуу жандуу. Бардык нерсе тирүү сакталууда. Аллах бизге бул элестерди (сүрөттөлүштөрдү) көрсөтпөгөн (сездирбеген) үчүн гана биз аларды өтмүш, бүткөн окуялар катары элестетебиз. Жана Аллах каалаганда, бизге бул сүрөттөлүштөрдү (элестерди) көрсөтүшү мүмкүн, бул окуяларга тиешелүү элестерди берүү менен бизге да бул окуяларды жашатышы мүмкүн.

## Сиздин жашооңуз да бир учур гана

Бул чындыкты түшүнүү үчүн жалаң гана тарыхтагы мисалдар жөнүндө ой жүгүртүү зарыл эмес. Бул чындык – адамдар абдан узун деп элестеткен жашоолоруна да тиешелүү. Сиз жаңы төрөлгөн, апаңыздын кучагына алгачкы берилген учур жок болгон эмес. Ал кадр же сүрөттөлүш же окуя түбөлүк бар болот. Себеби Аллах кабатында сакталган. Бирок, мурда да айтылгандай, сиз 5 сезүү органыңыздан көз-каранды болгондуктан жана бул маалымат сиздин эсиңизде жок болгондуктан, бул сүрөттөлүштөрдү көрө албайсыз. Бул – жашооңуз бойунча башыңыздан өткөн бардык окуяга тиешелүү. Жаңы мектепке барган күнүңүз, же кичинекей кезиңизде өткөргөн туулган күнүңүз, башыңыздан өткөн бир окуя, мектепти бүтүргөн күнүңүз, университет дипломун алышыңыз, үйлөнүшүңүз жана ушул сыяктуу миңдеген окуялар чындыгында Аллах кабатында бир учурда ишке ашууда. Бул окуялардын эч бири жоголгон эмес жана түбөлүк жандуу абалда бар болот.

Ушул сыяктуу 5 жашыңызда жеген бир балмуздактын даамы, 7 жашта мектепке барам деп эрте менен толкунданып турганыңыз, мектепте география сабагында сыгылганыңыз, математика мугалими доскага жазган узун теңдемелер, жумушуңузда бир ийгиликке болгон мактаныч, жылдар бойу эңсеген нерсеңизди алганы бараткандагы сүйүнчүңүз, кыскача айтканда, жашап сезген бардык окуяларыңыз чындыгында учурунда сиз сезген сыяктуу турат, бирок сиздин мээңизде сакталуу эмес болууда. Мээңизде сакталганы да эсте калган бир нерсе сыяктуу, б.а. өтмүш катары сездирилүүдө. Учурда бар болгон ал кадрларды мээңиз кабылдабоодо. Себеби, дүйнөдөгү сыноо системасы ошондой. Адамдар агуучу бир убакыттан көз-карандыбыз деп ойлошот, окуяларды өтмүш, учур жана келечек деген бөлүктөргө айрылат деп ойлошот. Ушул себептен акыреттин бар экендиги, бейиш, тозок, эсеп күнү сыяктуу нерселердин качан, кантип жана кандайча боло турганын аңдап-түшүнө алышпайт. Аллах кабатындагы убакыт түшүнүгү менен адамдарга тиешелүү убакыт арасында бир байланыш кура алышпайт. Жаратылган ар бир жандуунун, ар бир окуянын жана бардык нерсенин бир фильмди түзгөн

кадрлар сыяктуу кадр кадр түбөлүк жаратылганын жана бир эле учурда пайда кылынганын билүү муну аңдап-түшүнүүгө жардам берет.

Аллах кабатында бардык нерсе болуп бүткөн. Эл арасында кеңири жайылган батыл (негизсиз) бир ишеним бойунча, Аллах ааламды жана адамдарды жараткан, аларга бир убакыт берген жана алардын сыналышын күтүүдө. Ааламдын өмүрү бүткөнгө чейин күтөт. (СубханАллах, Аллах – бардык кемчиликтерден аруу). Чындыгында болсо Аллахтын күтүшү деген сыяктуу нерсе болушу мүмкүн эмес. Күтүү – адамга тиешелүү бир алсыздык. Аллах болсо адамдардын кемчиликтери, алсыздыктарынын баарынан өйдө, алыс. Аллахтын Куранда Өзүн тааныткан Куддүс сыпаты – «катадан, капылеттен, алсыздыктан жана ар кандай кемчиликтен абдан алыс» маанисине келет. Ошондуктан, Аллах бардык адамдардын өтмүш, учур жана келечегин жана алар башынан өткөргөн бардык окуяларды бардык майда-чүйдөсүнө чейин билет. Бирок инсан сыналуу жери болгон дүйнө жашоосунда убакытты - агуучу, мурда жана кийини бар бир нерсе катары элестетет. Чындыгында бул бөлүмдө түшүндүрүлгөндөй мурда-кийин, өтмүш-келечек деген нерселер жок. Бардык нерселер, адамдар, жандуулар бир эле учурда жашап жатышат, бардык убакыттар, доорлор, замандар, тарыхтар жана ал тургай бардык күндөр, сааттар, минуталар жана учурлар, көз-ирмемдер бир эле учурда болуп жатат. Адам мүмкүнчүлүгү чектүү болгондуктан, муну көрө албай жатса да бул чындык – апачык. Аллах кабатындагы убакыт менен адамдар көз-каранды болгон убакыт түшүнүгү арасындагы айырма бойунча «Куранда салыштырмалуулук» бөлүмүндө мисалдар берилген. Бул темага бир аятта мындайча көңүл бурулат:

**Чындыгында, сенин Раббиңдин кабатында бир күн – силер санап жаткан миң жыл сыяктуу. (Хаж Сүрөсү, 47)**

Аллахтын Куранда орун алган сыпаттарынын дагы бири – Хасиб, б.а. «Баарынын жашоосу бойунча жасап-кылгандарынын эсебин бардык майда-чүйдөсүнө чейин билүүчү». Жашалган, жаратылган, бар болгон эч бир окуянын жоголбогондугун эстесек, Аллахтын Хасиб сыпатын жакшыраак түшүнө алабыз. Себеби бардык нерсенин, бардык детальдардын маалыматы Аллахтын кабатында. Аллах бул чындыкты аятта да баяндайт:

**Кыямат саатынын маалыматы – шек жок, Аллахтын кабатында. Жамгырды жаадырат; курсактагыларды (бойундагыларды) билет. Эч ким эртең эмне табаарын билбейт. Эч ким кайсы жерде өлөөрүн билбейт. Шек жок, Аллах – билүүчү, (баарынан) кабардар. (Локман Сүрөсү, 34)**

Момундардын Аллахтын улуулугун биле (сезе) алышынын, Аллахка болгон баш ийүүчүлүк жана ишенимдеринин (таянышынын) негизги себеби – ушунда. Аллахтын адамдарга канчалык жакын экендигин жана Аллахка канчалык муктаж экендиктерин, Анын улуулугу жанында канчалык кичинекей экендиктерин жакшы билишет. Алардын мындай жогорку ахлагы Куранда мындайча билдирилет:

**Айт: «Аллахтын биз үчүн жазгандарынан тышкары, биздин башыбызга эч качан эч нерсе (кырсык, окуя сыяктуу) келбейт. Ал биздин – Мевлабыз (досубуз, ээбиз). Жана момундар жалаң гана Аллахка тобокел кылышсын». (Тооба Сүрөсү, 51)**

**Айт: «Аллах каалагандан тышкары, өзүм үчүн (болгон) зыяндан жана пайдадан (эч нерсеге) ээ эмесмин.» (Йунус Сүрөсү, 49)**

Муну айткан момундар – Аллахтын улуулугун жана кудуретин байкап сезе алган адамдар. Ошондуктан, алар Аллахка чын көңүлдөн мойун сунушат.

# Өлүм – адам үчүн жок болуу эмес

Өлүм темасы да негизинен эл арасында туура эмес билинет. Өлгөн бир адамга жок болгон сыяктуу көз-караш менен каралат. Көбүнчө адамдардын акырет, түбөлүк жашоо, бейиш жана тозок менен байланыштуу маалыматтары жетишсиз болгондуктан, же өлүмдөн кийин тирилээрине эч ишенишпейт, же бул бойунча ишенимдери так эмес. Ошондуктан бир жакындарын жоготкондо, аны түбөлүк жоголуп кетти деп ойлогондор көп. Чындыгында бул – толугу менен туура эмес түшүнүк. Чындыгында адам туулган (Аллахтын ал адамды бар болуу ааламына алып келген) учурдан баштап, анын түбөлүк жашоосу башталган. Жашоосундагы башка кадрлар сыяктуу өлүм да – бир кадр жана чындыгында ал адам – тирүү. Өлүмдөн мурдакы жана кийинки кадрлар жана ал адамга тиешелүү бардык нерсе – кандай болсо, ошол бойдон сакталуу. Мисалы, өлгөн бир адамдын артынан «абдан жаш болчу, жаман болду» деп айтышат. Чындыгында болсо ал адамга тиешелүү бардык нерселер, бардык өзгөчөлүктөр, башынан өткөргөн бардык окуялар, балалыгы, төрөлүшү, үй-бүлөсү менен бирге жашоосу жандуу абалда ошол бойдон турат. Жок болбойт же жоголбойт, жашалгандар кандай болсо, ошондой сакталат. Дүйнөдөгү сыноонун бир зарылчылыгы катары алар адамга көрсөтүлбөйт, эсинен жана элесинен өчүрүлөт, бирок бул – «алар жок болду» маанисине келбейт.

Аллах кабатында бир адамдын төрөлүшү да, жашоосу да, өлүмү да бир учурда болуп бүтөт. Ал тургай, бул абал бардык адамдарга тиешелүү. Бардык адамдар ушул учурда төрөлүп, ушул учурда өлгөн абалдалар. Кайра тирилип, бейиш же тозоктогу орундарына жайгашышты. Ошондуктан, эч бир адам өлбөйт же жок болбойт, түбөлүк тирүү. Түбөлүктүүлүктүн ичинде бир убакыт жашалууда жана ушуга жараша бүт адамдардын бара турган жери да (бейиш же тозок) белгилүү. Ушул учурда адамдардын бир бөлүгү – бейиште, бир бөлүгү да – тозокто. Бул чындык Куранда да орун алган, бейиш тозок менен байланыштуу көптөгөн аяттарда акырет жашоосу жөнүндө баяндарда өтмүш же учур чак колдонулуу менен алардын чындыгында бир эле учур экендигине көңүл бурулат:

**Чындыгында, бүгүн бейиш калкы – «кубаныч жана бакыт толо» бир алаксуу (жашоо) ичинделер. Өздөрү жана жарлары көлөкөлөрдө, тактылар үстүндө жазданышкан. (Йасин Сүрөсү, 55-56)**

**Раббилеринен коркуп-коргонгондор бейишке топ топ киргизилишти. Аягында ал жерге келишкенде, эшиктери ачылды жана аларга (бейиштин) кароолчулары айтышты: «Силерге салам болсун, кош жана таза келдиңер. Түбөлүк калуучулар катары ага киргиле.» (Алар) Айтышты: «Бизге берген убадасында бекем болгон жана бизди бул жерге мурасчы кылган**

**Аллахка алкоо-мактоолор болсун. Бейиштен каалаган жерибизде конок боло алабыз. (Салих) Амалдар жасагандардын сыйлыгы – кандай сонун. Периштелердин да Арштын айланасын торошкон абалда Раббилерин мактоо менен аруулап жаткандыгын көрөсүң. Араларында чындык менен өкүм чыгарылды жана: «Ааламдардын Раббисине алкоо-мактоо болсун» деп айтылды. (Зүмер Сүрөсү, 73-75)**

**Кылмышкер-күнөөкөрлөр отту көрүштү, эми анын ичине өздөрүнүн киришээрин да түшүнүштү; бирок андан качуунун эч бир жолун таба алышпады. (Кехф Сүрөсү, 53)**

Адамдардын жашоосунда абдан маанилүү дагы бир сыр бар. Адамдар өлгөн кишилердин артынан «өлдү» деп карап кайгырып турушканда, чындыгында өздөрү да өлүшүп, ал тургай кайра тирилтилишкен. Адамдын өзүнүн төрөлүшү менен өлүмү да бир учурда болууда. Фильм кадрлары мисалын эстесек, муну түшүнүү жеңилирээк болот. Бардык адамдардын ар биринин жашоосу, өлүмү, тирилиши жана түбөлүк жашоолору менен байланыштуу ар кандай детальдар эч кандай кемчиликсиз Аллах кабатында турат. Башкача айтканда, бардык нерсе ушул учурда ишке ашууда. Өлүү жана тирилүү да ар кайсы учурларда ишке ашкан окуялар эмес. Түбөлүктүүлүк ичинде же убакытсыздык ичинде адамдар төрөлүшкөн, өлүшкөн, тирилишкен жана ушул учурда баары тирүү. Адам Аллах аны жаратkандан баштап, түбөлүк бир жандык болот. Б.а., түбөлүк тирүү болот, түбөлүк жашоосу башталат. Орто жолдо «өзүнүн өлүмүн» бир кадр катары көрөт. Ар күнү өзүн жандуу, тирүү көрүп жаткан сыяктуу, бир жолу өлүү катары көрөт.

Муну мындай бир мисал менен түшүндүрүүгө болот. Аллах Куранда уйкунун да бир өлүм сыяктуу нерсе экендигин кабар берет. Демек, адам ар күнү кечинде өлгөнүн көрүүдө, ошол сыяктуу эрте менен турганда тирилишин көрүүдө. Себеби аятта мындай деп айтылат:

**Аллах алар өлө турган убакта жандарын алат; өлбөгөндү да уйкусунда (бир өлүмгө жолуктурат). Ушундайча, ал жөнүндө өлүм чечими берилгенди (анын рухун) кармап калат, беркисин (беркисинин рухун) болсо белгиленген бир ажалга чейин (денесине) кайра салат. Шек жок, мында ойлоно алган бир коом үчүн чындыгында аяттар бар. (Зүмер Сүрөсү, 42)**

Адам ушундай жол менен тирүү кезин да, өлүү кезин да, кайра тирилишин да тынбай көрүп турууда. Ушул сыяктуу чыныгы өлүмүн да көрөт, бирок төрөлүшү, өлүмү, тирилиши, акыретте бара турган мекени буга чейин эле белгилүү жана адам – Аллах кабатында түбөлүк тирүү. Бардык бул окуялар Аллах кабатында болуп бүткөн. Ошондуктан, эл арасында колдонулган мааниде өлүм менен бирге «жок болуу» болбойт.

Бул чындыктар негизинде эл колдонгон «абдан жакшы инсан эле, абдан жаш бала эле, абдан ден-соолугу жакшы адам эле» сыяктуу сөздөр маанисин жоготот. Себеби, ал абдан жакшы деп айтылган адам да, ал жаш бала да, ден-соолуктуу киши да жок болгон жок, ушул учурда баары эң сонун абалдары менен бирге бар. Аллахтын эсинде түбөлүк баары тирүү, жандуу. Бул – Аллахтын улуулугунун жана илиминин көрсөткүчү. Аллахтын чексиз илими жана кудурети жөнүндө Куранда мындайча кабар берилет:

**Аллах... Андан башка илах (сыйынууга татыктуу зат) жок. Ал – тирүү, Кайуум. Аны уйкусуроо жана уйку тартпайт. Асмандарда жана жерде эмне бар болсо, баары Аныкы. Анын уруксаты болбостон, Анын кабатында шапаат кылуучу ким? Ал алдыңардагыны жана артыңардагыны билет. (Алар болсо) Ал каалагандан сырткары, Анын илиминен эч нерсени түшүнүп-аңдай алышпайт. Анын күрсүсү бардык асмандарды жана жерди курчап турат. Аларды коргоо Ага оор эмес. Ал – абдан улук, абдан бийик. (Бакара Сүрөсү, 255)**

## Бул маалыматтар алып келген чоң милдет

Шек жок, китептин башынан бул жерге чейин түшүндүрүлгөн темалар абдан маанилүү жана көз-карашыңызды өзгөртүүчү чындыктар болуп саналат. Бул теманын биз үчүн маанилүү тарабы – биз жашап жаткан ар бир учурдун, жасаган ар бир аракетибиздин, айткан ар бир сөзүбүздүн, ойубуздан өткөн ар бир ойдун, ар бир ниеттин Аллах кабатында ошол бойдон сакталып турушу. Момундардын бул чоң чындыкты билгендигин Аз. Исанын Куранда орун алган төмөнкү сөздөрүнөн да түшүнүүгө болот:

**Аллах: «Эй Мерйем уулу Иса, адамдарга Аллахты койуп мени жана апамды эки илах кылып алгыла деп сен айттыңбы?» дегенде: «Сени аруулаймын, акым болбогон бир сөздү айтуу мага жарашпайт. Эгер муну айткан болсом, Сен аны сөзсүз билесиң. Сен мендегини билесиң, бирок мен Сенде болгонду билбейм. Чындыгында, көрүнбөгөндөрдү (гайбдарды) билүүчү Сенсиң Сен» (Маиде Сүрөсү, 116)**

Муну менен бирге бир адам Аллах каалабаган бир аракет жасаганда же Аллахтын тыйууларын тепсегенде эсеп күнү бул кылгандарынын эч бирөөсүнөн баш тарта албайт жана ал тургай жасагандарын маңдайында жандуу бир абалда көрө алат. Эч нерсе жок болбогон, жоголбогонуна жараша жасалган каталар, жамандыктар да чындыгында сакталуу турат. Ушул себептен чындыктан баш тарткандар аларды «эч ким көрбөдү, укпады» деп ойлоо менен Аллахтын тыйууларын каалагандай тепсегендер же Аллахка жакпаган аракеттерди жасагандар жана жаман сөз сүйлөгөндөр абдан таң калууга кабылышат. Аллахтын бардык нерсе үстүндө күбө экендигине өздөрү түздөн-түз күбөлүк беришет:

**Асмандарда жана жерде Аллах – Ал. Жашырганыңарды жана ачык кылганыңарды билет; топтогондоруңарды (иштериңерди) да билет. (Энъам Сүрөсү, 3)**

Бирок, Аллахтан алыс болгон бул адамдар эсеп күнү кылган нерселеринин баарын эң майда-чүйдөсүнө чейин көрүшкөндө, кылаарга эч кандай айлалары калбайт. Себеби, ал күнү Аллах Куранда билдиргендей, бул адамдар толугу менен курчалган:

**...Алар эч ойлобогон нерселер алар үчүн Аллахтан ачыкка чыкты. Топтогон жамандыктары өздөрү үчүн ачыкка чыкты жана шылдың кылышкан нерселери да аларды толугу менен курчап алды. (Зүмер Сүрөсү, 47-48)**

Эсеп күнү келгенде чындыктан баш тарткандар, эки жүздүүлүк кылгандар, Аллахтын буйруктарына тартынбастан баш көтөргөндөр эч ойлобогон (эске албаган) окуялар ишке ашат, Аллахтын адамдардын эсинде кайрадан жандандырышы менен бардык жасаган жашыруун иш-аракеттери, бардыгынын көзүнчө ачыкка чыгат. Аятта айтылгандай, баш тарткандар өмүр бойу шылдың кылган нерселер эми аларды курчап алат. Баш тарткандар дүйнө жашоосунда аларга берилген убакыт бойунча ыйман келтиргендердин Аллахка жана акыретке болгон ишенимдерин шылдыңдашкан, акылдары жетпегендиктен, бул так чындыктарды «жаңылуу» деп ойлошкон. Бирок алар «жаңылуу» деп

ойлоп, шылдың кылган чындыктар аларды эч күтпөгөн тараптан курчап алган. Себеби, чыныгы жаңылууда болгондор – алар өздөрү. Жашоолору бойунча жасаган бардык жамандыктарынын сүрөттөлүштөрү Аллахтын эсинде (хыфзында) орун алган жана эсеп күнү бирден бирден алдыларына төгүлөт. Алар ар бир баш тартууларын болсо «түбөлүккө ширелген» окуялар катары абдан жандуу бир абалда алдыларынан көрүшөт. Натыйжада Аллахтын илими менен курчалгандыгын түшүнүшөт. Аллах баш таркандар ичинде болгон бул абалды мындайча баяндайт:

**(Чындыгында) Аллах аларды шылдың кылат жана чектен чыгуулары ичинде адашуу менен жүрүүлөрүнө (белгилүү бир) убакыт берет. (Бакара Сүрөсү, 15)**

Мекке мушриктеринин Пайгамбарыбыз (С.А.В.) убагында жасаган күнөөлөрү да, Нух пайгамбар убагындагы чындыктан баш тарткандардын жасагандары да, Аз. Ибрахимди отко таштагандардын жасаган жамандыктары да, Жусуп пайгамбарды кудукка таштаган бир туугандарынын кылгандары да, Аз. Мусага азаптар көрсөткөн Исраил уулдарынын адашкандыктары да – эч кемчиликсиз Аллах кабатында сакталуу. Эч бири – унутулган же жоголуп кеткен эмес. Баары эң жашыруун, ал тургай балким эч бир адам күбө болбогон майда-чүйдөсүнө чейин ошол бойдон сакталып турат:

**Алар адамдардан жашырышат да, Аллахтан жашырышпайт. Чындыгында болсо алар Ага жакпай турган нерсени «түндөлөрү пландап түзүп жатышканда» (Аллах) алар менен бирге. Аллах – жасагандарын курчоочу. (Ниса Сүрөсү, 108)**

Бүгүнкү күндө жашап жаткан баш тартуучулар же эки жүздүүлөргө да бул нерсе тиешелүү. Бул адамдар момундар же динге каршы жасаган тымызын пландарын жашыруун калат, ачыкка чыкпайт, эсеп күнү жазасын көрбөйбүз деп ойлобошу керек. Жасаган кичинекей бир жамандыгы, жасаган ар бир дооматы, айткан ар бир сөзү – Аллах кабатында жазылуу. Аллахтын ал көрүнүштөрдү (элестерди) алардын эсинен алып койушу аларды жаңылтпашы керек. Алар мындан он жыл мурун бир момунга жасаган кур дооматын унуткан болушу мүмкүн, бирок бул жасагандары бир тамга да кемчиликсиз Аллахтын эсинде бар. Аллах кааласа бул окуяларды ушул учурда да адамдардын мээлеринде жандандырышы мүмкүн. Бирок бул чындыкты билбеген чындыктан баш тартуучулар аятта айтылгандай, **«акыл жүгүртпөгөн бир коом болушу» (Маиде Сүрөсү, 58)** себебинен Аллахтын кудуретин аңдап-түшүнө алышпайт. Бирок дин күнү келгенде, чындыкты көрүшөт жана кайра кайтарып, оңдоого мүмкүнчүлүк болбогон бир уят жана бушаймандыкка түшүшөт.

Аллах эсеп күнүн жаратканда, бардык баш тартуучулардын кылгандарынын эсебин да абдан бат кылат. Бул бөлүм бойунча түшүндүрүлгөн тема, б.а. жаратылган бардык нерселердин ар бир учурунун түбөлүккө сакталаары чындыгы билингенде, Аллахтын бардык адамдардын эсебин бир учурда жана абдан бат кылаары түшүнүлөт. Бирок адамдын бул учурду алыс сезбөөсү зарыл, себеби ал учур чындыгында – азыркы (ушул) учур. Б.а., адамдар дүйнөдө Аллахка каршы жасаган бардык күнөөлөрүнүн эсебин ушул учурда беришүүдө. Баш тартуучулар жасагандарын көрүлбөй, угулбай калат же унутулуп калат деп ойлошу мүмкүн. Бирок эсеп күнү чоң бир таң калууга кабылышат:

**«...Тескерисинче, жасагандарыңардын көпчүлүгүн Аллах билбейт деп ойлочу элеңер.» Силердин бул күмөнүңөр; Раббиңер жөнүндө кылган күмөнүңөр силерди кыйроого алып келди, ушундайча азапка (кыйроого) жолуккан адамдар болуп ойгондуңар (турдуңар).» (Фуссилет Сүрөсү, 22-23)**

# ЖЫЙЫНТЫК

Бул китеп бойунча түшүндүрүлгөндөрдүн негизинде Аллахтын бүт жерди жакындан ороп-курчап тургандыгы жөнүндөгү чындыкты абдан жакшы түшүнүүгө болот. Инсан элестерден турган бир дүйнөдө элестерден турган бир дене менен убакытсыздык ичинде жана элестүү (кыялдагы) бир мекенде жападан жалгыз бир абалда Раббиси (Жаратуучусу) тарабынан сыналууда. **«Аны жалгыз (жападан жалгыз) кылып жаратканымды (бул адамды) Мага тапшыр» (Мүдессир Сүрөсү, 11)** аяты да мунун ачык бир далили.

Бул китепте түшүндүрүлгөн чындыктар жакшы түшүнүлгөндө, Куран аяттары жана ааламдагы бардык нерселердин мааниси абдан жакшы аңдап-түшүнүлөт. Инсан бардык нерселер (анын ичинде өзү (денеси) да) элестерден гана турган бир дүйнөдө жашап жатат. Бардык нерселер элестерден турган бул элестер дүйнөсүндө жалгыз абсолюттук нерсе – Аллах, Андан башка Илах жок. Адамдардын Аллахты унутуу менен абдан маани берген, алар үчүн диндерин таштаган, артынан кууган бардык нерселери – чындыгында бош нерселер:

**Мына - ушундай; шек жок, Аллах, Ал – Хак (Чындык) жана шек жок, Андан башка алар сыйынган (теңирлери) болсо – батыл (негизсиз, далилсиз). Шек жок, Аллах – улуу, бийик. (Локман Сүрөсү, 30)**

Адам – бир экранда 3 ченемдүү, абдан тунук, абдан чындыкка жакын бир фильм көрүп жаткан сыяктуу абалда. Бул экранга дээрлик жабышып турган сыяктуу болгондуктан, эч фильмден бөлүнүп (чыгып) ичинде турган чөйрөнү көрө албайт. Аллахтын алдында экенин жана сыналып жаткандыгын унутуп, өзүн өз алдынча (көз-карандысыз) бир күч сезет жана өзүн абдан маанилүү элестетет. Натыйжада экранда көргөн элестүү (кыялдагы) денеси, мал-мүктөрү, элестүү үй-бүлөсү жана досторуна ээ чыгып, алар менен бой көтөрүп, мактанат. Чындыгында болсо **«Асмандардын, жердин жана алардын арасында болгон бардык мүлктөр Аныкы болгон (Аллах) – кандай улук...» (Зухруф Сүрөсү, 85)** аятында да белгиленгендей, бардык бул нерселердин чыныгы ээси – Аллах. Аллах бир заматта адамга көрсөткөн экрандагы сүрөттөлүштөрдү (элестерди) алып койсо, адам чындыгында жападан жалгыз экендигин түшүнөт жана бул апачык чындыкты коркуу менен байкайт. Экранда көргөн элестер жана экрандагы денесине өзүнүкү сыяктуу ээ чыгып алгандыгы жана булар менен бой көтөрүп, мактангандыгы үчүн абдан уят болот.

Бул чындыктар жөнүндө ой жүгүрткөн адам Аллахтын алдындагы алсыздыгын жана кичинекейлигин да түшүнөт. Адам Аллахка мойун сунган, Анын буйруктарына баш ийген учурда гана кадыр-баркы өсөт, түбөлүктүүлүк ичинде сонун бир жашоо өткөрө алат. Аллахтын ага түбөлүккө бейиш сүрөттөлүштөрүн көрсөтүшүн үмүт кыла алат. Себеби, бул дүйнө элес катары бар болгон сыяктуу, бейиш жана тозок да элес катары бар. Аларга тиешелүү бардык сүрөттөлүштөр (элестер) да Аллахтын эсинде сакталып турат. Жана Аллах каалаган адамга каалаган элести көрсөтүүдө.

Аллахтын кулдарынан каалаган нерсеси абдан ачык: Анын улуулугун аңдап-түшүнүүлөрү, Аны мактап баш ийүүлөрү жана Ал койгон чектерди ашуудан сактануулары. Бирок кээ бир адамдар капылеттин күчтүүлүгүнөн өздөрүнүн Жаратуучусун унутушууда же Андан баш тартышууда. Бул жерде

аларды жаңылткан эң маанилүү нерсе – алар бар деп ойлогон көптөгөн адам топтору. Бул адамдар досторун, курбуларын, сырдаштарын, бирдей көз-караштагы бардык адамдарды бар деп ойлогондуктан жана жалгыз экендигин унутушкандыктан, ушундай адашууга кабылышууда. Чындыгында болсо, бир адамдын чөйрөсү канчалык толо адам болбосун, ал – жападан жалгыз. Жана ага Аллахтан башка жардам бере ала турган эч ким жок:

**… Өздөрү үчүн Аллахтан башка бир (векил) коруучу дос жана жардамчы таба алышпайт. (Ниса Сүрөсү, 173)**

Адамдар **«Жана алардын баары кыямат күнү Ага «жападан жалгыз жана бирден» келишет.» (Мерйем Сүрөсү, 95)** аятында кабар берилген сыяктуу кыямат күнү да кайрадан Аллахтын алдына жалгыз барышат. Өздөрү сыяктуу Аллахтан жана динден алыс болгон, бул күнгө жолугаарын унуткан шериктери, достору жана жакшы көргөндөрү да жандарында болбойт. Ал тургай алар баш ийип, артынан ээрчиген шайтан да аларды таштап кетет:

**Себеби ал чындыгында мага келгенден кийин мени зикирден (Курандан) адаштырды. Шайтан да инсанды «жападан жалгыз жана жардамсыз» таштоочу. (Фуркан Сүрөсү, 29)**

Бул чындыктарды чын көңүлдөн ой жүгүрткөн ар бир инсан оңой гана түшүнө алат. Себеби Аллах аяттарында бардык нерсени абдан ачык баяндаган. Адам көптөгөн адамдардын арасында болсун, бир кинозалда болсун, бир чогулушта болсун, жакшы көргөндөрү менен бирге болсун, көчө толо адамдардын арасында болсун айырмасы жок, чындыгында ал – жалгыз. Бул ачык чындыкты кээ бир эски ишенимдери себебинен түшүнө албагандардын абалы бир аятта мындайча баяндалат:

**... Бул – шек жок, алардын акыл жүгүртпөгөн бир коом болушу себептүү ушундай. (Хашр Сүрөсү, 14)**

Эски ишенимдерден алыстаган жана Раббиси ага сунган бул абдан маанилүү маалыматтар жөнүндө терең терең ой жүгүрткөн адамдар болсо – момундар. Ошолор гана сабак алып, ойлоно алышат:

**Сага Раббиңден түшүрүлгөндүн чындыгында хак (чындык) экендигин билген адам – ошол көрбөгөн сыяктуубу (ошону менен бирби)? Таза акыл ээлери гана сабак алып, ой жүгүртө алышат. (Рад Сүрөсү, 19)**

Келиңиз сиз да Раббиңиз болгон (сизди жоктон бар кылып жараткан) Аллахка мойун сунуңуз, Ага чын көңүлдөн баш ийиңиз.

Жана көрбөгөн, ой жүгүртпөгөн адамдардан болуп калуудан кутулуңуз.